# ТАЙЛАК БААТЫР
# ОРМОН ХАН

"УЛУУ ИНСАНДАР"
серияcы

*Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн*
*2200 жылдыгына карата*

---

*Посвящается 2200-летию*
*Кыргызской Государственности*

НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

НАЦИОНАЛЬНЫЙ ЦЕНТР МАНАСОВЕДЕНИЯ
И ХУДОЖЕСТВЕННОЙ КУЛЬТУРЫ

# ТАЙЛАК БААТЫР
# ОРМОН ХАН

РЕДКОЛЛЕГИЯ:

ЖЕЕНБАЕВ Ж.Ж.
КАКЕЕВ А.Ч.
ПЛОСКИХ В.М.
АКМАТАЛИЕВ А.А.
АСАНКАНОВ А.А.
ШАРШЕНАЛИЕВ Ө.Д.

БИШКЕК-2003

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ
МАДАНИЯТТЫН УЛУТТУК БОРБОРУ

# ТАЙЛАК БААТЫР
# ОРМОН ХАН

БИШКЕК-2003

ББК 63.3 (2Ки)
Т — 14

Сүрөтчүсү *Р. А. Исаков*

Т —14 **Тайлак баатыр, Ормон хан** /Түз.: А. Акматалиев, Г. Орозова, Н. Жангазиева. — Б.: 2003. — 224 б., — *(«Улуу инсандар»)*.

ISBN 9967-10-096-6

Кыргыз элинин биримдигин сактоодо эркиндик үчүн күрөшкон тарыхый инсандардын коогалуу тагдыры жонундогу эскерүүлордон.

Манастаануу жана корком маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган.

Т $\frac{0503020911}{М\ 455\ (11) - 2003}$ 03 **ББК 63.3 (2Ки)**

© Манастаануу улуттук борбору, 2003
© Кыргызполиграфкомбинаттын «Шам» басмасы, 2003

ISBN 9967-10-096-6



# ТАЙЛАК БААТЫР

## АСКАР АКАЕВ

**Тайлак Батыр*** Братья Атантай и Тайлак принадлежали к кыргызскому племени саяк и в начале XIX века вместе с сородичами располагались в долине реки Нарына. Их включение в борьбу с цинскими войсками было по существу вынужденным. В 1820 году карательный отряд китайцев под предлогом поиска группы кашгарских повстанцев во главе с Джахангиром напал на аил Ак-Талаа, которым правили Атантай и Тайлак. Аил был разграблен, погибло около ста жителей. Узнав об этом, Тайлак устроил погоню за карателями. Цинский отряд был полностью уничтожен. Этот подвиг Тайла-

---

* *Акаев А.* Кыргызская государственность и народный эпос «Манас».— Бишкек: Учкун, 2002.

ка стал среди кыргызов широко известен. Он получил славу батыра. На протяжении почти двадцати лет Тайлак Батыр был военачальником кыргызских племен, населявших Центральный Тянь-Шань, и возглавил их борьбу против кокандских завоевателей.

Коканд построил в Центральном Тянь-Шане крепости Тогуз-Тороо, Куртка и Джумгал, надеясь на то, что крепостные укрепления помогут ханству удерживать контроль. Соотношение сил внешне складывалось в пользу Коканда. Но воля кыргызов к освобождению от внешнего угнетения была сильнее крепостных стен.

Бросившее вызов кокандцам кыргызское воинство во главе с Тайлаком и Атантаем на первом этапе в 1831 году было разбито. Перевес в военных силах оказался на стороне кокандцев. Братья были взяты в плен. Однако кокандский хан не решился на расправу с ними. С

целью умиротворить братьев он пожаловал им дворцовые титулы и отпустил домой. После пребывания некоторое время на казахских землях в целях спасения от опасностей братья вернулись в родные края и вновь вступили в борьбу за освобождение от кокандского гнета.

Новая широкая волна антиханских выступлений развернулась в конце 30-х годов. Возглавил их Тайлак Батыр. Тысячи повстанцев пошли на штурм ненавистной кокандской крепости Куртка. Военный гарнизон не выдержал осады. В плену у повстанцев оказались некоторые отдыхавшие на Нарыне кокандские сановники. Посланный из Коканда на помощь отряд был также разгромлен. Тогда кокандские правители пошли на преступное вероломство. Подосланный к кыргызскому герою под видом лекаря лазутчик отравил Тайлак Батыра. Ему было 42 года.

Тайлак Батыр своими действиями и

храбростью показал кыргызам, что никакие кокандские крепостные стены не способны выдержать волю народа к свободе. В последующем это проявилось в штурмах кыргызами других крепостных укреплений Коканда.

День 27 июля 2002 года на одном из красивейших джайлоо Кыргызстана — Сон-Куле выдался ярким и солнечным. С утра туда стали стекаться тысячи празднично настроенных гостей из всех уголков республики. В этот день наша страна, воздавая дань славным делам Тайлак Батыра, отмечала его 200-летие. О его жизни сложено немало сказаний и былин, написаны книги, а в вузах и школах проводятся занятия на тему о деятельности Тайлак Батыра.

На праздник, на сказочно голубой Сон-Куль, вместе со мной прибыл первый Президент России Б. Н. Ельцин, находившийся в тот период на отдыхе на Иссык-Куле. Это придало праздничному мероприятию особенно возвышен-

ный и волнующий характер. Высокого российского гостя встретили горячими аплодисментами. После моего выступления состоялась большая праздничная программа с выступлениями наших певцов и музыкантов. А затем наступила очередь для борцов и конников.

Тысячи людей, расположившихся на склонах большого спускающегося к озеру холма, с азартом наблюдали за конноспортивными играми, подбадривая их участников громкими криками и аплодисментами. Я был счастлив вручить победителям этих состязаний соответствующие награды.

В колоннах конников, прошедших перед участниками праздника, было немало женщин. Конь для кыргызов, в том числе и женщин, является родным и близким существом.

Праздник продолжался до позднего вечера. Наш народ в этот день отдал должное светлой памяти об одном из своих лучших сынов.

Тайлак Батыр и Атантай-бий похоронены на родной земле при слиянии реки Куртка с рекой Нарын. Над их могилами возведен величественный гумбез, сохранившийся и поныне. Он окружен ореолом святыни. Кыргызы не забывали и не забывают своих храбрых предков, боровшихся за независимость родного народа.

* * *

Цинский фактор в тот период оставался как нависающая с юга перманентная угроза для кыргызов. С южного азимута ощутимо стало чувствоваться влияние Англии, которая в 1858 году сокрушила в Индии созданную Бабуром Империю Великих Моголов, а затем через Афганистан пыталась активно включиться в борьбу за среднеазиатское наследство.

Наступало время, когда кыргызские лидеры были вынуждены искать адекват-

ный ответ на новые вызовы с учетом не только внутрирегиональной ситуации, но и обстановки, складывавшейся в евразийском регионе в целом.

**Ала-Тоо как «терра инкогнито»**

О роли России следует сказать особо. Впервые я более полно осознал характер кыргызско-российских отношений того периода лишь недавно, пытаясь вникнуть в деятельность таких известных в России и в Кыргызстане ученых и первопроходцев, как П. Семенов-Тяншанский и Н. Пржевальский. Их имена в обеих странах приобрели легендарный характер. Генерал-майор российской армии Н. Пржевальский, влюбленный в кыргызскую землю, завещал его похоронить в походной экспедиционной форме на берегу Иссык-Куля.

Оказалось, что в середине XIX века

такие всемирно известные географы, как Карл Риттер в Берлине и Александр Гумбольтд в Санкт-Петербурге имели смутное представление о географии и природе Тянь-Шаня. Про Карла Риттера даже говорили, что он путешествовал по Гималаям и Тянь-Шаню, не выходя из стен своего кабинета в Берлинском университете. Александр Гумбольдт считал, что горы Тянь-Шаня имеют вулканическое происхождение. К тому времени еще не было полного географического описания озера Иссык-Куль и других наших территорий.

Кыргызстан для российской науки середины XIX века был «терра инкогнито», т. е. неизвестной страной, «белым пятном».

П. Семенов-Тяншанский получил от своего учителя А. Гумбольдта наказ достичь Тянь-Шаня и изучить эти сказочные горы, которые географы того времени назвали «Небесными горами». В

Санкт-Петербурге знали, что обстановка в регионе из-за межплеменной розни была неспокойной. Научная экспедиция шла на большой риск, пускаясь в 1856 году в большое путешествие. Уместно отметить, что немецкий друг российского ученого А. Шлагинтвейт, направленный Карлом Риттером в Кашгарию, в 1856 году там погиб. Кашгарский властитель сначала принял его дружелюбно, а потом приказал отрубить ему голову на базарной площади.

П. Семенов-Тяншанский воспринимал нашу землю не только как ученый-географ, но и как поэт и художник. В донесении в адрес командировавшего его Географического общества в Санкт-Петербурге он, не скрывая восхищения, писал: «Темно-синяя поверхность Иссык-Куля своим сапфировым цветом может смело соперничать со столь же синей поверхностью Женевского озера, но обширность водоема, который, за-

нимая поверхность, в пять раз превосходящую площадь Женевского озера, казалась мне почти беспредельной. Ни с чем не сравнимое величие ландшафта придает ему такую грандиозность, которой Женевское озеро не имеет...

За широким Иссык-Кулем простирается обозримая, по крайней мере, на триста верст своей длины непрерывная снеговая цепь Небесного хребта. Резкие очертания предгорий, темные расселины пересекающих передовую цепь поперечных долин — все это смягчается легкой и прозрачной дымкой носящегося над озером тумана, но тем яснее и определеннее во всех мельчайших подробностях своих очертаний, тем блестящее представляются на темно-голубом фоне цветистого безоблачного средне-азиатского континентального неба облитые солнечным светом седые головы тянь-шанских исполинов, резко выдающиеся из весьма прозрачной дымки тумана...

49802

Чем далее к востоку, тем поверхности озера кажутся непосредственно омывающими белоснежные покровы исполинов величественной горной группы Хан-Тенгри...»

А затем после Иссык-Куля российский географ прибыл на Тянь-Шань. И был ослеплен могучим и властным зрелищем. «Прямо на юг,— писал он в донесении,— возвышался самый величественный из когда-либо виденных мною хребтов. Хан-Тенгри — высочайший пик Тянь-Шаня». Российский исследователь тогда не знал, что на Тянь-Шане есть более высокая вершина.

После двух путешествий в 1856 и 1857 годах П. Семенов-Тяншанский намеревался посетить нашу землю в третий раз — в 1860 году. Однако царское правительство, не желая иметь неприятностей с Англией, которая всячески противилась продвижению России в Среднюю Азию, не дала согласия на новую экспе-

дицию. На основе своих дневников через пятьдесят лет ученым написано свое знаменитое «Путешествие на Тянь-Шань». Начатое дело продолжил его ученик Н. Пржевальский, совершивший в наш регион четыре путешествия и умерший во время своего пятого путешествия на Тянь-Шань.

* * *

Это большое отступление я сделал для того, чтобы показать, что Кыргызстан и соседние с ним территории, наша природа были даже в середине XIX века плохо известны в России. Поворот произошел после исследований П. Семенова-Тяншанского и Н. Пржевальского. Не случайно царским указом в 1906 году в связи с пятидесятилетием со времени первого путешествия на Тянь-Шань к имени П. Семенова был присоединен титул «Тяншанский». До конца своих дней он сохранил любовь к нашей зем-

ле. Это означает, что Россия в те времена «не точила зуб» на наши земли, как порой утверждают люди, плохо знающие историю. Кыргызско-российские отношения развивались по другому сценарию.

## АСКАР АКАЕВ

**«Улут катары жууратгай уюп, ыштымакта бололу!»***

Биз бүгүн Ала-Тоолуу Ата-Журтубуздун тарыхында олбэс-очпос из калтырган инсан Тайлак баатыр Ырыскул уулунун 200 жылдык, салтанаттуу тоюна чогулуп олтурабыз. Бүгүн Ала-Тоо ажарына чыгып турган чагы. Анткени ак калпак Кыргыз элинин ажайып кооз жеринин бир оңүрү — жер соорусу Сон-Колго Кыргызстандын бардык аймактарынан, копчүлүк райондорунан атайын ак пейил менен чакырылган меймандар аруу тилек, асыл ой-максаттар менен түп котөро топтолду. Бул жакшы жышаан. Калайык калктын эзелтен келе

---

* Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин, баатырдын 200 жылдыгына карата сүйлогон созү.

жаткан адат — наркынын, ынтымагынын касиеттүү жөрөлгөсү. Анан калса агынан жарылган ак тойго алыстан ат арытып айкөл досубуз, эгемендүү Кыргыз Республикасынын небактан берки күйөрманы, Россия Федерациясынын туңгуч президенти, турган турпаты менен тубаса демократ катары атагы алыска кеткен ардактуу Борис Николаевич Ельциндин биздин арабызда олтурганы кандай кубанычтуу.

Урматтуу мекендештер! Борис Николаевичтин бүгүнкү Улуу тойго катышуусу тойдун шаңын чыгарып, көркүнө көрк кошоору, анын маани-маңызын арттыраары анык. Ошондуктан, Сиздердин атыңыздардан улуу урматтуу мейманыбыз Борис Николаевичти ак дилден куттуктап коюуга уруксат этиңиздер. Ардактуу Борис Николаевич кыргыз эли Сизге чың ден соолук, узун өмүр, үй-бүлөңүзгө бакубат турмуш каалайт.

Ардактуу агайын-туугандар! Өзүңүздорго белгилүү болгондой, Кыргызстандын расмий делегациясы жакында Россиянын эң татынакай республикаларынын бири Хакасияда болуп кайтты. Ал жакта биз байыркы Ата конушубузга таазим этип, Алтын-Колдүн кылаасындагы Сунга чер токоюнда элин капилет келген жоодон коргоп, эрендерче көз жумган кадимки кок жал баатыр каган Барсбектин арбагына бата кылдык. Байыркы бабалардын таш бетине чегилген жазууларын көрүп, абдан кубанып сыймыктандык. Андан соң Монголияга сапар улап, дагы бир байыркы Ата конуш — Кыргыз-Колдүн боюнда жаткан ата-бабалардын арбагына сыйындык. Ошондо санаабыз санга бөлүнүп, кереметтүү сезимдер жан дүйнөбүздү ээлеп алгандай болду. Көрсө, кыргыз эли эзелтен эле экологиялык сезими эртелеп өнүккөн, табияттын баа-баркын сезе билген, тоотокойго, дарыя, колдорго, ороон, озон-

сууларга таамай ат коё билген калк экен. Бир караган кишиге көнүмүш, жонокой аттай корунгон «Алтын-Кол», «Кыргыз-Көл», «Ысык-Көл», «Чатыр-Кол», «Соң-Көл» не деген сырларды ичине камтыган касиеттүү аттар.

Ошондой орошон ойго батырчу кол сулуусу Соң-Колдү ушул бүгүн арбагы козголуп олтурган атактуу Тайлак баатыр бекеринен жанга жайлуу жайлоо катары тандабаса керек. Баатырдын бабалары Жанболот бий, Ырыскул бий дагы дал ушул жер соорусу Соң-Колдү жайлашкан. Аны калмак жана башка баскынчылардан баатырларча коргошкон. Алар оң, солго жакшы таанымал, калайык-калкына кадыры откон ири тарыхый инсандар болушкан. Ата-тегинин мындай артыкчылыгы ага-ини Атантай менен Тайлактын келечекте элинс эштутка болушуна түрткү болгону шексиз. Тайлактын атак-даңкынын чыгышына, баатыр аталышына ал жашаган доор,

оомалуу-токмолүү дүйно да түздон-түз шарт түзгөн. Ага алыс-жакын аймактарда, Анжиян-Аркада жашаган кыргыз урууларынын Алымбек датка, Нүзүп бий, Ажы датка сыяктуу кадыр-барктуу жол башчы замандаштары да таасир эткени талашсыз. Тайлак баатыр жаш чагынан эл четинде, жоо бетинде жүрүп, далай ирет эрдиктин даңктуу үлгүсүн корсоткөн.

Анын коомдук-саясий, аскер башчылык ишмердигинин туу — чокусу XIX кылымдын 20—30-жылдарына туура келет. Дал ошол жылдардагы анын эрдиктери эл ичинде дастан, уламыш баян, аңыз кептерге, санжырага айланып, атүгүл орус, кытай тилдериндеги тарыхый булактарда жазылып калганы жакшы маалым. Ал маалыматтарга караганда, Тайлак баатыр XIX кылымдын 20-жылдарында Чыгыш Түркестандагы түрк тилдүү элдердин улуттук-боштондук кыймылына жигердүү катышкан.

Ал эми 30-жылдары Тайлак баатыр болгону 34—35 жаш курагында Тенир-Тоонун чордонунда чоң кол курап, Кокон хандыгынын баскынчылык аракеттерине каршы жергиликтүү элдин көз каранды эместиги үчүн күрөшүнө жетекчилик кылган. Бул окуяларды кийин абройлуу акыныбыз Абдыкалык Чоробаев «Тайлак баатыр» аттуу дастанга айландырды.

Даңазалуу баатырыбыздын 200 жылдыгын белгилөө демилгесин биринчилерден болуп которуп чыккан Куртка өрөөнүнүн кулуну, кыргыз эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиевдин даректүү баяны да баа жеткис табылгалардан болуп саналат.

Арийне, тарыхта белгилүү болгондой, элдик баатырлардын тагдыры татаал, өмүрү кыска болот. Тайлак баатыр дагы эл-жеринин эркиндиги үчүн күрөшүп жүрүп шейит кетти. Бирок айколдун элине кылган эмгеги эч качан эстен чыкпасын боркүмдөй көрөм.

Тайлак баатырды коп кырдуу инсан болгон десек куп жарашат. Ал жалаң гана колуна курал алып, калкын жоодон коргоо менен гана чектелген эмес. Албетте, элинин бейпил, тынч турмушун камсыз кылуу анын эң башкы максаты болгон. Ушул оңутто ал ар кыл багыттагы чечкиндүү аракеттерди жасаган. Андыктан аны кылдат дипломат катары карасак аша чапкандыкка жатпайт. Тайлак баатыр ар дайым коңшулаш өлколөр менен тынчтыкта жанаша жашоого, оз ара пайдалуу чарбалык — маданий, саясий байланыштарды ишке ашырууга умтулган. Алсак, Россия, Кытай, Афганистан, Индия, Иран жана башка олколор, элдер менен алака кылганы анык.

Бекеринен анын коп кырдуу ишмердиги тууралуу маалыматтар Ч. Валихановдун, Б. Солтоноевдин, Ы. Абдырахмановдун эмгектеринде жазылып калбаса керек. Кийинки учурда Тайлак баа-

тыр тууралуу атайын илимий-изилдөөлөрдү белгилүү окумуштуулар С. Аттокуров, К. Осмонбетов жана башкалар ишке ашырып келишүүдө. Жогорку окуу жайларында, орто мектептерде, лицей, гимназияларда Кыргызстандын тарых сабагында Тайлак баатырдын ишмердигине атайын басым жасалат. Ал эми Кыргыз Улуттук университетинин тарых факультетинде профессор С. Аттокуров жазган окуу китебинин негизинде Тайлак баатыр жөнүндө атайын курс боюнча дарс окутулат. Ошондой эле мезгил-мезгили менен анын күмбөзүнө тарыхый-архитектуралык эстелик катарында экскурсиялар уюштурулууда.

Кыргыз элинин азаттыгы үчүн күрөшкөн улуттук баатырлар, бийлер, дипломаттар менен залкар таланттар мамлекетибиздин пайдубалын түптөөгө баа жеткис салым кошкон. Манас, Курманбек, Эр Табылды, Тайлак баатыр өңдүү каармандарыбыздын, капилеттен со:

тапкан, караңгыдан көз тапкан акылмандарыбыздын аркасында кыргыз эли далай кыргындардан аман калып, улут катары жашап, үрп-адатын жана маданиятын сактап калып олтурат.

«Ынтымак бар жерде — ырыс бар» дегендей, бардыгыбыз биримдикте болуп, оорубузду колдон, жеңилибизди жерден алсак, азыркы шартта кездешип жаткан кыйынчылыкты сөзсүз жеңебиз. Болочокто өркөнү өскөн мамлекеттер менен терезебиз тең болсо деп тилейли.

Тарых менен тагдыр бизге эркүү мамлекет түзүү мүмкүнчүлүгүн экинчи ирет берип жатат. Улуу Кыргыз каганаты ич ара жааттташып, уруу урууга бөлүнүүдөн ураганын эсибизден чыгарбайлы. Тарых таалими бизди улут катары жуураттай уюп, сак болууга чакырат.

Сөзүмдү аяктап жатып, Эл аралык Тоо жылына карата өткөрүлгөн бүгүнкү майрамыңыздар менен дагы бир жолу чын дилимден куттуктап, жалпы кыргыз кал-

кыбызга, кутман жергебизге тынчтык жана бардарчылык каалап кетүүгө уруксат этиңиздер!

Ылайым, биздин умтулуубуз ынтымакка, ырыска жана жалпы улуттук биримдикке кызмат кыла берсин!

## Араптын колу келе жатат деп угуп Тайлактын жол тоскону*

Базарчыдан кеп угуп,
Баргандардан көп угуп,
Баатыр Арап кол баштап,
Бармак болду деп угуп,
Атантай, Тайлак эгиз эр,
Алдына түштү сегиз эр,
Ай балта, найза колго алып,
Арапка булар кезигер,
Алты жолдун оозунда.
Аскер келе жатат дейт
Башчысы баатыр чоң Арап,
Алма баш мынтык атат дейт.
Найзакерден мыктуу дейт,

---

* «Эл адабияты» сериясынан. Түзгондор А. Акматалиев, К. Кырбашев, Н. Өмүрзакова,— Бишкек: «Шам». — 2002. — 15-том.

Кызыл баштуу Оогандын
Кыйынын сайып жыкты дейт.
Тежик менен Бухардан
Баатырлыкка чыкты дейт.
Кабарын угуп камынып,
Карышкырдай чамынып,
Олчун баатыр солтодон
Эр Тайлактын жээни эле
Кадимки кара Бөбөтөй;
Жоого тийген борү эле,
Менменсинген душманга
Жеке татыйм дээр эле.
Эл чогулган жерлери
Уу талаанын оонү эле.
Чыбылдай менен Токочор,
Чыдай албай барышты.
Эр башына элүүдөн,
Жолдош болуп алышты.
Жон-жон ылдый туруктап,
Бычандан* баары табышты.
Четиндинин оюна
Милтекечтер калышты.
Үч күнү мыктап жол тосуп,

Алты жүз аскер кол тосуп,
Төртүнчү күн түнүндө
Таңдын үрүл-бүрүлдө,
Ач кайкылуу мойноктон,
Аттарын суутуп ойноткон,
Азан маалы болгондо
Ач кыйкырык кур сүрөөн,
Азирет деп чуу чыкты,
Алтын айчык туу чыкты,
Арапмын деген үн чыкты,
Ал аңгыча күн чыкты.
Жекеге деп чакырып,
Ат ойнотуп бакырып,
Ошо түнү бел ашып,
Келген экен сүрүлүп,
Беттешүүгө Тайлактын
Элинин жарымы түңүлүп.
Сүрү кыйын Араптын,
Соот кылыч жарактын
Туулгалуу калканын,
Тутамдаган найзанын,
Ак каңкыда илинүү,
Ак алтын саптуу балтанын.

Жоонун бешин* алгандай,
Жоо жарагы шайманы.
Камынып турат буурулга
Камбыл баатыр Тайлагы.
Карагай найза колго алып,
Качыра турган түрү бар,
Кан баатыры Араптын
Канчалык катуу сүрү бар.
Капчыгайды жаңырткан
Адамдан ачуу үнү бар.
Астындагы аргымак
Ала качма жиги бар.
Арапты тозуп коомайлап,
Атамын деп таамайлап,
Атантайдын Жаркымбай,
Ак барандуу Чолпонбай,
Алдына түшүп ээлигип,
Турган кезде демигип,
Жоо борусү Боботой
Ат ойнотуп теминип,
Маңдай тескей турушту,
Мурун булар коро элек,
Бул өндонгон урушту.

Чыгууга киши чыдабай,
Акыл, кеңеш курушту.
Жекеге Тайлак барам деп,
Жез айнектүү кылычты
Колуна жарак байланып,
Уңгусу болот найза алып,
Амыркандын Арабы
Чакырган соң жекеге.
Чарайнасын кийинип,
Ээринин кашына
Айбалтасын илинип,
Ак калпактуу кыргыздын
Арбагына сыйынып.
Буурул атын имерип,
Боркуйлатып нидерип,
Болот темир курчанып,
Карасур оңү нур чалып,
Жогортодон жер чалып,
Жоонун мизин кайтарып.
Найза кармап тутамдап,
Нары-бери бултаңдап,
Жылдыз оң деп качырып,
Алдыйтан Арап бакырып,

Азиретим колдо деп,
Шаймергенин* чакырып.
Шатектеп жезди чырмаган,
Найзасын сары сырдаган.
Тарамыш желим чаптаган,
Кош бүлдүргө саптаган,
Көкөн найза кололуу
Колго тутам толору.
Тайлакка карай сундуруп,
Кыйкырып кулак тундуруп,
Карап турган көп элдин
Караган көзүн жумдуруп.
Кан баатыры Араптын
Качырганы түтүндөй.
Атты санга камчылайт,
Үстү-үстүнө үзүлбөй.
Качырышкан эрлердин,
Кайратына таң калат,
Мелтиретип сунушуп,
Салышты найза аллалап.
Арап сайды алдыртан,
Чарайнага* чак этти,
Чопкут кийген Тайлакка

Такалып найза так этти.
Ат үстүнөн тирешип,
Аш бышымга кеткени,
Кыска болуп Тайлактын,
Найзасы таамай жетпеди.
Ээриндеги илилүү
Ай балтасын эстеди.
Чыгарып алып колуна
Арапты карай кезеди.
Тирелип турган найзаны
Ыргыта чаап тайгырды,
Талкаланып колунда
Найзадан Арап айрылды.
Алты жүз аскер кырк желдет,
Жаа аллалап кайгырды.
Жамдап барып желкеге
Кол кабасын кандырды.
Кайта айланып оңдонуп,
Карагай найза кан кылды,
Тоодой болгон чоң Арап
Тоголонуп сайдырды.
Аргымактан кулады,
Арап баатыр сулады,

Баатыр Тайлак жагынын
Үстүм болду урааны.
Ойноп чыгып аргымак
Туура карай чурады,
Качкан аттын артынан
Тайлак кууп жетти эле,
Кандын калың аскери
Кайра качып кетти эле.
Олчун баатыр Араптын
Башын тенден кести эле,
Канжыгага байланып,
Ээрдинен тешти эле
Жоо качтылап кыйкырып,
Жалпы аламан качырган,
Чаар-Таштын белинен
Кууп жүрүп ашырган,
Аттан-тондон айрылып,
Далайы ташка жашынган.
Качкан жоонун артынан
Сайып кирди эр Тайлак,
Аты-тонун олжолоп,
Алып кирди эр Тайлак.
Ортосуна аскердин

Барып кирди эр Тайлак,
Жээни Олчун баатырдын
Минген аты кер жайдак.
Капталынан кан болуп,
Казаатына бел байлап,
Добулбасын карс уруп,
Доржү бийдин бай калмак
Колго түшкон кокондук,
Колу, буту байланмак.
Корбашылар, муршаптар,
Кордук корүп айдалмак,
Адырларда аргымак
Чуркай албай бардыгат.
Үстүндогү адамдар
Эси кетип алдырап,
Эңкейип колун куушуруп,
Эки козү жалдырап,
Ак куржунун которүп,
Алы кетип жотолүп,
Шашып жүргон дагы бар,
Жан талашып чуңкурга
Жатып жүргон дагы бар.
Ак бараң менен болжолдон

Атып жүргөн дагы бар.
Караанын бөлүп кайрылбай
Качып жүргөн дагы бар,
Дүпүлдөтүп кернейин
Тартып жүргөн дагы бар,
Чатырларын кош атка
Артып жүргөн дагы бар.
Арап баштап ал жерде
Алты жүз аскер өлгөнү,
Жердин аты урушкан
Бычандын өөнү тордогу.
Арап өлгөн мойнок деп,
Айтылып калды өрногу.
Тайлакты таза чабам деп,
Момундай иштн коргону.
Андан түшкөн олжону
Камчыга ченеп бөлгөнү.
Үч жүзү колго тутулган,
Уясы минтип бузулган,
Үркөрдөй болуп калганы,
Үйүнө качып кутулган.
Тополоңун тоз кылып,
Алды Тайлак душманын,

Боёп кызыл кандатып,
Найзалардын учтарын.
Элин кайра көчүрүп,
Араптын атын өчүрүп,
Кеңири жайлап көчмөн эл,
Кереге жайган көшүлүп.
Карып калган Кокондук,
Кол сала албай шекинип,
Алты жылы шаардан
Аскер чыкпай бекинип.
Кан окуму аркага
Байлагандай буулган,
Падышалуу аскердин
Башына салды чуулган.
Баатыр Тайлак, Атантай
Ырыскулдан туулган,
Кыргыз элин куткарган,
Кылычы кандуу зулумдан.
Далай жерге Тайлактын
Даңкы кетип угулган.
Кокондуктун күчтүүсүн,
Колго түшкөн үч жүзүн,
Кордук кылып турганда,

Кокуйлатып урганда,
Алган ордо кыздарды
Жеткизип берген аркага.
Бала-чака жыргаган,
Башайы менен барчага.
Кыздар кайра келген соң,
Кызык болгон канчага.
Туткундагы аскерди
Бошотуп берген кайтара.
Ошол Арап өлгөндө,
Өлүктү сүйрөп көмгөндө,
Аркадагы калың эл
Батаны мыктап бергенде,
Ак сакалдар, карылар,
Алыстан келген баары бар,
Соога салам алам деп,
Жүзгө чыккан чалы бар.
Ай туягын чалышып,
Ак боз бээ союшуп,
Түштө түлөө кылышып,
Эт жасашып тоюшуп,
Бата берип калың эл
Баатыр атак коюшуп.

Эки тизгин, бир чылбыр,
Эли берди Тайлакка,
Кашкардан кара туу келди,
Түпок* байлап байракка.
Майыстан, Терек жери бар,
Басыла жүргөн эли бар.
Чачылып журту кор болуп,
Кандын өткөн кээри бар.
Качырып жоого кирүүчү,
Кайрат берип туруучу,
Баатырлары деги бар.
Балта, мылтык, найзалуу
Балбандардын деми бар.
Кетмен-Төбө, Жумгалда,
Кеңештеш болгон тууганы
Кадым жоого минүүчү
Кара буурул бууданы,
Аса байлап кермеге.
Күндө буурул сууганы
Алыскы тууган ызатка
Келип жаткан андан көп.
Баш куттуктап малдарын
Берип жаткан андан көп,

Тизгин куттуу болсун деп,
Айтып жаткан андан коп,
Келгендери олжо алып,
Кайтып жаткан андан коп.
Жыйырмадан ашканда,
Жигиттик шаңы ташканда
Кокон шаарын алсам деп,
Козголуп жүрдү күүлонүп,
Кеңеш берип ар кимге,
Кебин айтса сүйлөнүп,
Кадыр таап жашында,
Карыга теңтуш болуп,
Атасынан болүнүп,
Алган зайбы уз болуп,
Жаштар менен жаш болуп,
Жалпы журтка баш болуп,
Мынтык андес*, найзакер,
Жаа тартууга маш болуп.
Жыргап турган кезинде
Кол баштап Кокон барам деп,
Чындап турган кезинде,
Ат кара тил болсо деп,
Күтүп турган кезинде,

Бар сарамжал иштери
Бүтүп турган кезинде,
Кара суунун оонүно
Көчүп барды бешимде.
Ошо күнү көп мейман
Келип калды кечинде.
Агала чапан, ак селде,
Түгөнгон каны бетинде.
Так ошолор аркылуу,
Учурайт далай кесирге.

## ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ

**Тайлак баатыр*** Атантай агасын Таштанбек алдап конокко чакырып, тогуз жигити менен орго салыптыр деген суук кабар Макмалда бейкут жайлаган Тайлакка жетти. Аны кантип куткаруунун аргасын издеп жаны жай албай түйшөлүүсү күчогон Тайлакка көп өтпөй атын бууланткан чабаганчы дагы дүрбөлөндүү, шашылыш капсалаңдуу окуяны угузат.

Куртка чебинин беги Таштанбек карамагындагы Теңир-Тоо элинен салыкка жыйнаган үч короо кой, 30 төө, 200 жылкыны жер союлта барымталаган уландарга айдатып, жүкчүл атандарга асыл таштарды жүктөтүп, ордого зордоп тандаган сулуу кыздарды жасанта кийгизип,

---

* *Бейшеналиев Ш.* Тайлак баатыр. — Бишкек: Кыргызстан.— 1997.

үртүктөлгөн жорго аргымактарга мингизип, мал, көчтүн айдыңы кошо Бектин вазири баштаган жарактуу лашкерлеринин элүүсүнө кайтартып Коконду карай айдатыптыр.

Айдалган ордо кыздардын башында Мадали хандын өзүнө жагарлык тартуу катары Ыман Калматайдын көргөндүн көзүн талдырган сулуулугуна жараша кулк-мүнөзү, баскан-турганы, акылы куп келишкен, кымка тон, кош каркыра сайынта кулпурткан кийими ого бетер ажарланткан Барпыгүлдүн келатышы, аттантып жолго чыгаар менен күзөтчү сарбаздардын коштой бастырып кой дегендерине болбой бой боздоп өзгөн ырынын Тайлакка багышталган түрмөктөрү узата чыгышкандардын эсине уюп, жаттаганын чыйрак чабаганчы сыбызгытты:

Туткундалды жаш башым,
Токтотобу көз жашым.
Азаптан бизди куткарар,

Арстан Тайлак кайдасың?
Айдоочудан бошотуп
Тапсаң боло айласын.
Кокондук бизге зор болду,
Кайран кыргыз кордолду.
Хан ордого тандашты,
Кыз, келин күлүк жоргонду.
Биз Коконду көздөй айдалып,
Калтырдык Куртка коргонду.
Биз, өксөп-боздоп айдалсак,
Ордо кызга айлансак.
Атантай залкар агабыз,
Зынданда сыздап жаткан чак.
Эл намысын коргобой,
Эр Тайлак кантип жайланмак.

Бардар Калматайдын чүрөктөй кызы Барпыгүлдүн жеке өзүнүн эмес, ордогу Атантай агасынын, чынында жалпы элинин жабырлуу тагдырын туюнта кабарлаган ыры Тайлактын жүлүн жүрөгүн сыздатты. Ашынган залим кокондун бегинин ханына тартуууга айдаткан тоолук-

тардын малы, беш көкүл ордо кыздары, кул уландары ушул Макмал тарапты кыйгай Тогуз-Торону басып, Көк-Артты ашып, Азирет Айыпты аралап отуруп Коконго жетет. Чабаганчынын озунуп билгизгени жакшы болду. Мал аяңы менен бул тушка эки күндө араң жетет.

Намыска үндөгөн Барпыгүл кыз болбосоң коё кал. Айтса айтпаса төгүнбү. Агасы атактуу Атантай ордо тумугуп туткундалса, жети ата өткөн, ураанды бир чакырган тууганы Калматайдын чолкомдо жок сулуу, келбетине акылы келишкен кызы Барпыгүлдү баш кылып, көкүрөгү Нарын, Ат-Башы, көчүгү Тогуз-Торону үймө-үй түрүлтө аңтарып-теңтерип чырайлуу бийкечтерден кыркын, жоого, катуу багыт ишке жарамдуу жотолуу эресеге толгон уландардан алардан арбынын зордоп байлап матап кул, күңгө айлантып, алардын үстүнө ач көздүк менен жыйган төрт түлүк малды жер союлта Коконго айдаткан Таштанбек зулумдун ыдыгына кантип чыдайт?!

Барпыгүл кыз жанын кашайта ырдагандай «эл намысын коргобой, жата берсе сайрандап» баатыр Тайлак аты өчпөйбү? Абалтан чындыгы айкындалып келаткан акылман накыл Тайлакты кылчансыз чыйралтты: «Эл башына иш түшсө, үйдө жаткан эр эмес».

Тайлак жан шоролору, жүрөктүү баатырлыктары, күчтүү балбандыктары жалпы калайыкка таанылган: Боботой, Токочор, Чыбылдайга масилеттешип... кулкуну тойбос каңкорлордун катыгын кандайча берүүнүн чарасын макулдашты.

Жон жай айылчылаткан болуп, Таштанбек жөноткон көчтүн каерде келатканын, каерге токтоорун, кол башчысы, күзөтчүлөрү, туткундары жайында толук маалыматты алдын ала биринен уғуп бири тез жеткирүүнү буйруп, чабандес, сергек кайгулдарды чаптырды.

Кырк жигитинин үстүнө жамаатташ айылдардан чакан кол курады. Кайгулдардын ат тезегин кургатпай улам бироо

зуулдатып келип так дайнын билдирген соң, Тайлак жигиттерин бөлүштүрө буйгуттарга буктурду.

Коконду карай калдайып жылган муунак-муунак көчтүн караанры жакындагандан жакындап өңүттө саксактаган Тайлакка, анын чоролоруна берилген сайын даана бадыраюуда. Алдыда көч баштаган тоодой тору тулпардын үстүндө даңкайган Назар — Таштанбек кушбегинин оң колу, жасоолдорунун башчысы, каардуулугу, кара мүртөздүгүнөн калктын көкөйүнө тийген ойрон он чакты сарбаздын коштоосунда оолжуп келатат.

Аларды бута атым аралыкта бучкактаган үртүктөлгөн тандамал жорго, аргымактарда үлпүлдөтө кийинтип, баштарына үкү, каркыра сайынткан төрт-бештен кыркаар тарттыра бүлкүлдөтө бастырган ордо кыздардын тобу. Хандын гаремине келбеттүү, жасалгалуу бийкечтер жактырылып жеткирилери белгилүү эмеспи. Тоо чүрөктөрү Мадали ханга

алгач ирет жөнөлүүдө. Айрымдарын Таштанбек өзү уйпалап бооруна кысып Куртка коргонуна калтырган.

Кыздарга удаа сарбаздыкка, кара жумушка делген боз улан, болукшуган азаматтар эки бөлүндүү. Албеттүү тың жигиттер качып кетет же кол салат деп шекшинүүнүн натыйжасында атка мингизип колдорун артына, буттарын үзөңгүгө таңып оң, солдо жандай бастырган күзөтчүлөр айдап келүүдө. Жоош уландарды колдоруна таяк, укурук берип көчтүн соңундагы малдын артына салган.

Куйрук улаш чиркешкен көч жакындаган сайын далдоо буйгуттагы жар ташка жөлөнө дүрбү салган Тайлактын жигиттерине таккан буйругу мына, мына саналуу закымдарда аткарылат. Кыздардын биринчи сабындагы башкалардан тотукуштай кулпуна ажарланып, боз жоргосун бөйпөңдотүп, алда немени күткөндөй, сезгендей умтула, бурула омсоңдогон Барпыгүл Тайлактын дүрбү-

сүнөн карегине даана чагылып, бөйтөйгөн ананайындын жүрөк сыздаткан жылаажын доошу кулагына куюлуп арачалоого, эр намысына чакырыктады:

Туткундалды жаш башым
Токтободу коз жашым.
Азаптан бизди куткарар
Арстан Тайлак кайдасың?!
Айдоочудан бошотуп
Тапсаң боло айласын.

Биз оксоп-боздоп айдалсак
Ордо кызга айлансак
Атантай залкар агабыз
Зынданда сыздап жаткан чак.
Эл намысын коргобой
Эр Тайлак кантип жайланмак.
Баскынчыга кордотуп
Жага бербес сайрандап.

Барпыгүл канаттуунун алалы, бейкуту, корктүсү, алсызы, сүймончүктүүсү ак-

кептер сымалданып, Тайлакка ото аялуу, аруу корүндү. Аны ботон эл, алыс жердин жырткычынын уу тырмагына апчытып, жем кылууга кантип чыдайт. Аны менен бирге капастагы бодонодой мотурайган татынакай кырк бийкеч, байланып маталган ызалуу азаматтар калайык журтунун коркү, күч кубаты эртеңки омүрү эмеспи. Алардан аргасыз ажырап жер сыйпап карайлаган эли мүңкүроп кала береби?! Ушу кансыраган туткундарды куткара албаса, анын баатырдыгына наалат!

Озуна бышыра ойлонуп, каракчыларды карайлатуу жагдайынын камылгасы мыкты корүлсо да Тайлак жабыр тарткан байкуштарын жакындан коргондо намысы кайнап, кайраты ташып, мына, мына башталчу салгылаштын ыңтайын далдап комдонууда.

Тоодой тору тулпарын алчаңдата тобунун ичинен озгочо шаңданган Назар оро-пара озондү ордогондо буйгуттагы он ыптадан Боботой: — Тайла-ак! — деп

ураан чакыра заңгырап кошо чураткан бөрү тилдүү найзаларын сундуруп атырылганда, сол ыптадагы жапсардан Чыбылдай жигиттери менен капшыра качырды.

Чар учкандай ызы-чуу, чакчалакей түштү. Дөогүрсүгөн баскынчыларды камынтпай кара аламан салып, кыжылдаган таанга тийген ителгидей өч алуучулар тымтыракайын чыгарууда. Кол салгандарга моюн бербестей, ал түгүл катылгандын катыгын берип жайлоочудай Торусун дагдаңдата, өзү андан далпактап кылычын оңду сол шилтеп алактаган Назарды карай олбурлуу Буурулду аркыратып, башта туулга, жондо калкан, көкүрөгүндө чопкут, кыл мурутун шилисине түйгөн, чынжыр соот, чарайналуу беш кабырга алп денесинин булчуңдары чыңала, көзүнөн жалын чачырата, уңгусу курч бөрү тил найзасын сундура Тайлак түптүз алдын торой, кыйын болсоң мага беттеш, көрүнгөндү жапырып алактабай — дегенли туйгуза:

— Жекеге! — ачуу, сүрдүү айкырык сала бетме-бет чакырыктаганда, Назар анын айбатынан, олжоосуз турпатынан көзү алачакмактап дендароо боло түштү.

Жоокерлик салт, эр намысы эрөөлдөн баш тарттырбас антка ардыгып, кылычын кынына солоп, найзасын бургуйлата, Торусун жапырылта майданга чыкты.

Тайлак Назардын дапдаарый түшкөнүн байкады. Максаты — аны өлтүрө саюуда эмес. Оңколото кокустатып, акесин таанытып жолуна салуу. Ошондуктан, далай сайышта, көнүгүүдө такшалган ыкманы колдонуп, абайлап саюуга ниеттенди. Назардын арына келе качырганына караганда аёочудай түрү жок. Кирпик ирмебей нарбуудандарды аргыштатып кимди-ким кан жуткурарын тобокелге салып качырыша бет келгенде Тайлак өзүна тигинин найзасын тайгылта кагып жиберип, далдайган көкүрөккө

жаныта уруп өттү. Ансыз эле сүрдөнүп кооптонгон Назар катуу күү менен согулган соккудан оодарылып олчойгон Торудан күп комолонду.

Ботобой ээсинен айрылып кошкуруп чамберек агкан Торуну тизгиндеп, шиберде эс-мас дардайган Назардын кылыч, тапанчасын алып, колун кишендеп, бетине суу бүркүп эс алганда, өзүндөй байлап маталган сарбаздарынын курчоосунда соксойтуп отургузду. А дегендеги баш-аламан айкашка катышкан желдеттер башчысы Назар оңколоп туткундалган соң, жан соогалап колго түшүштү, жараланагандар эки тараптан тең болду.

Кулчулукка айдалган уландардын колу, буту чечилип, колдоруна аларды кор туткан кокондук сарбаздардын куралдары, аттары берилип үйлөрүнө жөнөтүлдү. Аларды кыздардын эне-атасына азаттыкка чыккандыктарын сүйүнчүлөөгө, Барпыгүл баштаган кырк бийкеч белдүү ки-

шилер келип алып кетмейинче Тайлактын, анын баатыр чоролорунун айлында бапестелип багылып турат деп кабарлоого кубантып узатышты.

Кокондун Курткадагы залим бегинин жергиликтүү элдин көкөйүнө тийген коржоңдогон вазири Назары баштаган желдеттери өзүлөрү туткундалып, карыпчылык баштарына түшкөндө, Тайлактын талабын кыңк этпей аткарууга, эптеп эле жандарын аман коюшса бардык шартты орундоого шерт оозанышты:

— Кокондуктардын арзан оокат, бекер олжого семирген бул жасоолчу желдеттеринин эч бирөө аркага кайрылып келбейт!

Мадали хандын өзүнө коюлган талап кагазга жазылып, курал жарагы, тилла курунун тонолгонуна кайыл чымындай жанынын сакталганына, экинчи быякка жолобоого жалынып, Тайлак жөнөткөн элчи жигитти коштоп ал экөөлөп жеткирчү катты хандын өзүнө табыштатуу-

га ант берген Назарды аттандырып, калгандарын жоо жаландата самсытып Тогуз-Тородон откөрүп, Көк-Артты эңкейтип жиберишти. Мадали ханга жазылган каттын мазмуну мындай:

Эгер кол курап, кайрадан тоолуктарды талап-тоноого, ыза-кордук көрсөтүүгө баскынчыларын жөнөтсө, «катылгандардын катыгы» берилип бекер кыргындалат. Кат табыштаган элчи жигитти Өзгөндөн беш күн күтөбүз. Окус убагында жооп берилбесе, же элчи мертинтилсе Куртка чебиндеги беги, кожо-молдолору, сарбаз, саркелери күмжамдалат. Чеп талкаланат.

Мадали хан тоо элинин кол башчысы Тайлактын дайнын Жагангир кожого ынтымакташып Каштарга жасаган чабуулдары, генерал Баян Батунун колун талкалаганы аркылуу дайнын билчү. Бирок, Кокон хандыгынын зор аймакты багынткан күчтүү, куралдуу, машыккан аскери анын үркөрдой начар жабдылган

жапайы кошунун селдей каптаарын таназарына албай, зор мамлекеттин окумдарын зекип, катуу талап коюп кат жазганына жинденген Мадали хан мазесиз Назарды, ага кошуп Тайлактын элчисин дарга астырды.

Эсирген ээн жердин борусу Тайлактын сазайын бердирууго саны, сапаты айбаттуу кол курап агылтууга Мадали хан буйрук берди. Муну уккан, билген ордодогу аталык, вазирлик вазифаны ээлеген кыргыз, кыпчак окулдору Тайлакка жашыруун чабаганчы жонотуп, мизин майтарарлыктай даярдана беруусун билдиришти.

Тайлак кокондук баскынчылардын алгачкы кошунун жумшак жасалганына окуно тынгылык болууну каалаган талабына Мадали хандын канкорлук менен очогушуусунон кайра тартпасына козу жетти. Колу куралып быякка жеткенче кыйла кундор отоор. Аяктан жабалактаган аскери каптаса, быяктан Таштан-

беги сарбаз, саркерлери менен ичибизден бүлүнтүп кошулса ондурбас. Ага дейре арстандай кол баштап дем берген агасы Атантайды куткарууга, Таштанбекти ойрондотууга тезинен киришпесе болбойт.

**ГҮЛБАРА ОРОЗОВА**

**Тарыхый инсандын эпикалык образы**

Кыргыз оозеки чыгармачылыгында тарыхый инсандар жөнүндө көптөгөн көркөм чыгармалар жаралып, ал инсандардын реалдуу жашоосу тууралсындагы тарыхый чындык менен эпикалык образ айкалышып жашаганы белгилүү.

Тайлак баатырдын өмүрү, кыргыз жери, кыргыз эли үчүн жасаган эрдиги, анын өлүмү эл арасында аңыз-аңгемеге, элдик фольклорго айланган. Ошол тарыхый окуялар жана Тайлак жөнүндөгү чындык көркөм чыгарманын жаралышына негиз болгон.

Тайлак минди Буурулду,
Таманы ташка туурулду.
Кылыч кындан суурулду,
Кылкылдаган көп кытай

Заманасы куурулду.
Ак талга туусун аштады,
Аскерин Тайлак баштады.
Бөрбөлжүн, Терек жердеген,
Төрө Тайлак эр деген.
Туткуй, Терек жердеген
Туйгун Тайлак эр деген.
Баястан, Терек жердеген
Баатыр Тайлак эр деген.
Кокондун колун кулаттың,
Коктуга тыгып сулаттың.
Ак талга тууну аштадың,
Арапты сайып таштадын.

Фольклор изилдөөчү Ы. Абдырахманов жыйнаган бул ыр саптарынан эпикалык чыгармаларга мүнөздүү салттуулук көрүнүп турат. Ыбрай Абдырахманов жазып тапшырган «Тайлак баатыр» деген чакан поэма кара сөз түрүндө болуп, Тайлактын ата-теги, өмүр баяны жана Кокон кандыгынын өкүлдөрү тарабынан тарткан элдин азап-тозогун

баяндоодон башталат. Формасы жагынан тарыхый уламышка жакын чыгарманы түзөт. Мында тарыхый чындыкка жакын фактылар, маалыматтар арбын учурайт. Тайлак баатыр туурасындагы экинчи бир көлөмдүү дастан Абдыкалык Чоробаевге тиешелүү. Элдик эпикалык чыгармаларды чебер айтуучу А. Чоробаев «Тайлак баатыр» дастанын жаратууда эл арасында айтылып жүргөн аңыз-аңгеме, уламыш, тарыхый ырлар менен кеңири таанышып чыгып, Тайлактын образын эпикалык каармандын образына жакындатып, көркөм чыгарманын салттуу ыкмаларын сактаган. Ошол эле учурда тарыхый маалыматтар өз орду менен көркөм чыгарманын өзөгүнө сиңирилген. Айрыкча кыргыздар менен кытайлардын согушу өтө курч, жүрөк титиреткен кыргын элестүү берилген. Акырында:

Кечпей көлдү толкутуп,
Көп кытайды коркутуп,

Алды алдынан качырып,
Багынтып алды Кашкарды,
Баарын Тайлак башкарды.
Атагын уккан душманы
Айбатынан жазганды.

«Беттешкенин найзалап, алыстарын аткылап» кырылган кыргыздын кунун кууп, өчүн алат. Эл намысын сактап, ата журтун коргойт. Ошондой эле Кокон аскери менен кармашып, аскер башы Арапты жеңиши, казак Эдиге менен беттешүүсү сыяктуу окуялар чыгарманын негизин түзүп, элдик баатырдын сырткы душмандар менен болгон келишпес күрөшү көркөм сүроттолгон.

## АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВ

**Тайлак — улуттук-боштондук кыймылдын башчысу**

Тайлак баатыр тууралуу маалыматтар кытайдын жазууларында, эмгектерде, макалаларда кеңири кездешет. Анын образы фольклордо жана көркөм чыгармаларда иштелип чыккан. Ш. Бейшеналиевдин маалыматы боюнча Тоголок Молдо шакирти Нурдин молдого насааттап баатыр тууралуу дастан жаздырган экен.

Тайлак сыяктуу баатырлардын жарык дүйнөгө келиши эпикалык «Манас» ж. б. чыгармадагыдай мүнөзгө ээ болуп, уламыш-санжыраларда айтылгандай анын энеси илбирстин жүрөгүнө талгак болот. Баса, Тайлактын замандашы Балбай баатырдын энеси да жолборстун жүрөгүн эңсейт эмеспи! Эки эне тең келечекте

баатырларды төрөй тургандыктын эң баштапкы белгиси — Балбайдын энесине жолборс табылбай, Кегетиден аткан карышкырдын жүрөгүн алып барып беришкен дешет. Ал буга да талгагы канбай — карышкырдын көк жалынын жүрөгүн жеген экен. Ушул сыңары Тайлактын энесине да илбирс таппай, анын терисин табышып, короого түшкөн көк жал карышкырды кармап алган койчудан сатып алышыптыр. Замандаш баатырлар «бир колуна кан аралаш затты» кармай төрөлүшөт. Мындай көрүнүш эл оозеки чыгармачылыгында кеңири айтылат. Уламыш-легендалар боюнча Чынгызхандын, эпосто Манастын жарыкка келиш салты да ушул көрүнүштү далилдейт.

Ал мезгилде кокондуктар элди эзип, тарыхчылар Б. Жамгырчинов, У. Үсөнбаев, С. Аттокуров ж. б. жазгандарына караганда 18ден ашуун салыктарды жыйнап турушкан экен. Алардын сулуу кыз, келиндерди мал-мүлктөрдү олжолоп, хан

ордосуна алышы оз козүү менен көрүп турган он үч жаштагы Тайлактын жүрөгүн сыздаткан. Ы. Абдырахмановдун кол жазмасында кичинекей Тайлактын эл аралап жүргөн кокондуктарды жактырбагандыгы айтылат. К. Осмоналиевдин романында атасына берген «Бул эмнеси?» деген суроосуна «ишиң болбосун, бас жаагыңды!» — деп өтө орой жооп бердирип, болочок баатырды кактырып коёт. Ушул көрүнүштөн тартып Тайлактын ар-намысы ойгонуп, эл-жерин душмандардан коргоону өмүрүнүн башкы максаты катары эсептейт.

Акын А. Чоробаевдин казалында Тайлактын биринчи эрдиги ошол сулуу кыз-келиндерди, жаш уландарды кокондуктарга айдап бараткан жерден сүрөттөөдөн көрүнөт. Тайлак ичинен жактырып, сүйүп жүргөн Барпыжан (Барпыгүл) да хан ордого кетүүчүлөрдүн ичинде. Акын кыздын сулуулугун, акылдуулугун эргүү менен ырга салат. Зордук-зомбулуктун

айынан он торт жаштагы кыз үмүтү очүп, арман кошокко коз жашын тогот:

«— Мен — деди — ордо кызга
барганымча,
Тирүүлой тендигимден калганымча,
Канетип ай желдетгер тирүү жүром,
Жүрокко болот канжар
саймайынча!..»

«— Эр Тайлак айдакчыдан ажыратар,
Күн барбы шоола бизге чачыратар.
Үйүндо баш калкалап жатып калса,
Ким деген шордуулардын башын
ачар?»

Барпыжан (Барпыгүл) демекчи, С. Аттокуровдун маалыматы боюнча кыз менен баатыр аң уулоодон кездешип, «ныралга» сураган кыздын сулуулугуна суктанып, айылына чие кеткен. Атасы Калматайга жуучу жибергенде «журт атасынын козү түшсо мейли,

калыңын төлөй берсин» деген. Никеге камылга жүрүп жатканда чабарман келип, Барпынын сыздаганын-боздогонун сүйгөнү Тайлакка жеткирип жатпайбы!..

Ш. Бейшеналиевдин даректүү баянында Барпыгүл баатырдын карындашы катары сүрөттөлүп, ортолорундагы сезим чагылдырылбайт.

Дегеле кыз кошогу, же айткан сөзү баатырларды куткарып алууга намыстантат. Мындай окуя бугу-сарыбагыш чабышында бир сулуу келинди көчтөн жыгышып, зордук-зомбулук көрсөтүп жатканда, «Чунак акем ушундайда пайдасы тийбей кайда жүрөт» — деп чыңырып жибергенде Балбай чыдап тура албай чабуул койгондугу айтылат. Барпыжандын кошогу Тайлакты да шердентип, кырк жигити менен душмандын алдын тосот. Тайлак кокондук сарбаздардан «кыргыз жерин экинчи баспайбыз» деп ант алып, жоо-жалаң Коконго айдап, Мадали хан-

га кысым корсотүүсүн токтотсун деген шарт коёт.

Акын бул кагылышууну өтө кыска сүрөттөгөн. Анын үстүнө автор баяндоо ыкмасын тандап алгандыктан, конфликт, кыймыл-аракет корүнбөйт, образга ачык-айкын мүноз тартуулай, ал эми каармандын ички дүйнөсү тууралуу сөз кылууга болбойт. А. Чоробаев окуянын сюжетин кууп, сырткы көрүнүшторго басым кылган. Ал окуяларды ирээттүү түрдө баяндаган. А. Чоробаевдин поэмасына караганда окумуштуу С. Аттокуровдун илимий изилдоосү нагыз илимий принципте жазылбастан, өтө көркөмдөштүрүлүп кеткен.

Ш. Бейшеналиевдин чыгармасында балалык эрдиги катары калмактар менен кагылышууда билинип, кол башчысы Хунте баатыр менен беттеше калып, кандайдыр бир сыр колдоп Хунтенин Керкашкасы үркүп кеткенинен пайдаланып, Тайлак кылыч менен маңдайын

жара чапкан. Бала баатырдын эрдигин салтанаттап, ай туяк ак боз бээ союлуп түлөө өткөрүлгөн. Жазуучу сыймыктануу менен душманды жеңүүдөгү картинаны элестүү көзгө тартат.

Ооба, Тайлак менен Анатай Куртка чебинин курушуна өздөрү катышып, жигиттери менен жардам берип эмгек сиңиришкен. Бирок алар дини, дили, тили жакын кокондуктардын зордук-зомбулук көрөбүз деген ойго кептелишкен эмес. Кокондуктардын көрсөткөн кордуктары жанга батканда гана чептин элдин канын соруп, басып алуу үчүн курулганына көздөрү жетти.

Эки бир туугандан корккон чептин ээси Таштанбек Атантайды мейманга алдап чакырып, ордого салган. Ш. Бейшеналиев бул эпизодду кеңири баяндаган: Анатай менен Барпыгүлдүн туткундалышын бирдей угуп, аларды куткарууга аракет кылышы, Куртка чебин талкалашы, Таштанбекти Мадали хан-

дын өлүмгө кыюу чечими ж. б. окуялар бири-бири менен тыгыз байланышта сүрөттөлгөн. Чыгармада Тайлактын образынын агылыктуу чагылдырылышы да мына ушул эпизоддор менен чечилген.

Тайлактын Куртка чебин алуусу К. Осмоналиевде болгону эки-үч сүйлөм менен берилген, автор негедир көптөгөн кызыктуу окуялардан «аттап» кеткен. Албетте, бул жазуучунун чыгармасына пайда алып келип бербейт, тескерисинче, ал окуяларды сюжетке тартса каармандын элеси дагы ачыгыраак көрүнүп, образдар системасынын чагылышына таасирин тийгизмек.

А. Чоробаевдин поэмасында ордо кыздарды куткарып калгандан кийин атасы Рыскулга (Ырыскул) душмандан элди сактоо, ошону менен бирге агасы Атантайды ордодон бошотуу үчүн Күрткалнын бегине кол сала тургандыгы жөнүндө кеңешет:

Жашым өтүп жетилдим,
Жатып неге бекиндим?
Кокондуктун кордугун,
Ойлогондо өкүндүм.

Акын ата менен баланын ортосундагы карама-каршы пикирлеринин, көз караштарынын кагылышын жандуу чагылдырган. Атасы уулунун жасаган эрдигин айыптап, «Кокондун жолу кыйын жол, Кол тийбеген ыйык жол» деп жолун тосуп, душмандардан кечирим сурап барууга көндүрүүгө аракет кылат. Бирок Тайлак жигиттери менен кол салып, Курткадагы чептин күлүн көккө сапырып, Атантай баштаган ордодо камалгандарды эркиндикке чыгарат. А. Чоробаев көрсөткөндөй анын баатырдыгы менен адамгерчилиги, кең пейилдиги шайкеш келип, чептеги мал-мүлктү талап-тоноп албай элге таратып берет. Дегеле көркөм чыгармаларда болобу, же жазма булактарда болобу Тайлактын башкалардан өзгөчө

мүнөзү — бирөөнүн дүнүйөсүнө көз артпаган, адал эмгек менен оокат кылган, кызыкчылык көздөбөгөн, акыйкат, эркиндик үчүн гана жеке керт башын өлүмгө сайып койгон баатыр катары көрсөтүлөт. Тайлак замандаштары Балбай, Төрөгелди (алардын баатырдыгын эч ким танбайт) ж. б. окшоп бирөөнүн жылкыларына тийген эмес, барымтага алуу кан буугандай токтолгон, ууруларга каршы элдешкис күрөш жүргүзгөн.

Ууру кармап бергенге,
Ушул менин убадам,
Желпилдеген тоо берем.
Же болбосо уккула,
Желини карыш бээ берем!

Тайлактын дагы бир акыл ботончолугу — кыргыз эли бири-биринин малын олжолоп, кыз-келинин зордуктап ич ара тытышып турса, биримдик болбосо сырткы душмандар менен күрөшүү

кыйын болорун, ар ким «өз көмөчүнө күл тартпай», «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып», кокондуктар менен ачык күрөшүүгө чакырат. Тарыхый булактарга караганда Тайлактын сырткы душмандар менен гана күрөшүүсү — кыргыз элинин көз карандысыз үчүн күрөшүүнүн жаңы этабы болуп саналат. Баатырдын тайманбас идеясын колдошпой көпчүлүгү тарап кетишет:

Бирээри айтат кокондук,
Түбүнөн бери күчтүү дейт.
Бирээри айтат Чоронун,
Тукумун эми үздү дейт.
Лашкери келет, эл чабат,
Мадали кан түптүү дейт.

Тайлак башка бироолорго ишенгенден көрө өз күч-кубатына, жигиттерине ишенүүнү эп көрүп, жума сайын Атантай менен бирге согуштук көнүгүүлөрдү үйрөнүүнү улантат.

А. Чоробаевдин казалында К. Осмоналиевдин романында чагылдырылгандай Тайлак Кокон хандыгына элчи жиберип, ортодо кеткен кыз-келиндерди кайрып алат, өлгөндөргө кун төлөтөт.

Ачуусу кайнаган Мадали хан жазалоо үчүн кол башчыларынын бири Арапка катуу буйрук берип жоокерлери менен жиберет. А. Чоробаев Арaптын кыргыз жерине жол тартуусун, арак-шарап ичип, кыз-келиндер менен ойноп келе жатышын элестүү берген. Ошону менен бирге Арапка «кошоматчы кылып, кой сойгон» кожо-молдолордун образдары да ийкемдүү иштелген. «Дамбылданын түшү» деген болумчодо түш көрүп, аян билдирип, «Он бир күндүн ичинде, Башын кестиң Тайлактын» деп Арапты мактажып, коп олжо алышат.

Тайлак менен Арaптын согушу — А. Чоробаевде, К. Осмоналиевде, Ш. Бейшеналиевде эң негизги эпизоддордон. Акын казалда көрком кыялданууда ото

ашкере нукка түшүп кеткени дароо байкалат. Фольклордук чыгармаларда баатырлар капысынан жолугушуп, кийинки кагылуушунун эрежелерин иштеп чыгышып, «сөзгө» келишип, ант-шерт беришип, эч нерсе болбогондой тарап кетишет. А. Чоробаев да чалгынга өзү чыккан Тайлакты эки айрылган жолдо уктап жаткан Арапка жолуктурат, аны шашпай ойготуп наспай тартышып жекеге чыгууга убадалашып кайтышат. Ал эми Ж. Кенчиевдин санжырасында (Ш. Бейшеналиевдин даректүү баянында баш создө берилген) Тайлак Арапты тосуп туу белге чыгып, жаратылышка кумарланып, кымызга талыкшып уктап кетет, аны Арап келип ойготуп, жекеге чыгууга ынтызар экендиктерин бири-бирине билдиришип, досторчо коштошот. Каармандар орун алмашып гана калган. Акын болсо Тайлактын тарыхый инсан экендигин унутуп калган, реалдуу шартта мындай окуя болгон да эмес. Ал эми

А. Чоробаев эпикалык чыгармалардын таасиринен улам ото гиперболалаштырып, абстрактташтырып жиберген да, баатырлар жомоктук каармандарга айланып калышкан. Эмне үчүн Тайлак жалгыз чалгынга чыгат?! Арап эмне үчүн уктап калат?! Араптын жанындагы кайтаруучу жигиттери кайда?! Элдешпес душман болуп туруп эмне үчүн чабышып кетишпейт?! Акын Тайлактын адамгерчилигин, боорукерлигин, баатырдык айкөлдүгүн корсөтөм деп жатып, аны турмуштук-реалдык белгиден ажыратып салган.

Экөөнүн айкашы — жекеме-жеке сайышууларын окумуштуу С. Аттокуров минтип жазат: «Арап ак боз аргымак минип, он чакты сыпайдын алдында чалкалап келе жатат. Чалгынчылар эртең менен жакын жерде тирүү жан жок деп аны тынчыткан. Күн тоо башынан аркан бою көтөрүлгөн. Дал ушул учурда бута атымдай жерден чоң тору минген Тайлак 10

жигити менен жерден өсүп чыга калды. Байыркы салтты сактап Арапты жекеге чакырды... Арап 100дой сыпайы менен колдон бөлүнүп качып берди. Тайлак өзүнүн жигиттери менен кууп жөнөдү. Бир чай кайнамда Арап белге жакындап калды. Тайлак жигиттеринен болүнүп чыгып, аны жекеге чакырды. Арап токтоду. Тобокелге салууну чечти. Тайлак экинчи беттешүүдө эле Араптын найзасын кагып сындырды. Бирок өзүнүн найзасын ыргытып жиберип, кылычын кындан сууруп алып Арапты качырды. Бир эки айкаштан кийин Араптын кылычы колунан ыргып кетти. Тайлак аны ийри кылычы менен бөлө чапты».

Тарыхчы окумуштуунун пикири көркөм чыгармаларда кандайча эске алынды? — деген суроо туулбай койбойт. Жогоруда коргондой казалдагы жолугушуу негизсиз болуп чыга келет. Ал эми салгылашуунун жүрүшү А. Чоробаевдин сүрөттөөсүндө, албетте, элдик оозеки чыгармачылыктын

үлгүсүндо тартылып, корком сөз каражаттар мол пайдаланылган.

Жардап турган эл ачуу кыйкырык менен эки баатырды күүлөп турушкан. Жоо борусу Бобөтөйдүн белгиси менен Тайлак Арапты сайып өтөт:

Найзанын учу так этти,
Бир мертем Арап бак этти,
Кекиртектен тепчиген
Кежигеден короюп,
Найзанын учу карыштай,
Чыга түштү сороюп.
Азирет кандын Арабы,
Жыгылды аттан тороюп.

Жазуучу К. Осмоналиев бул эпизодду мындайча баяндайт: «Баатырлар нечен мертебе найзалашат. Алыша албайт. Бир оокумда зоотко урунуп кагышкан найзалары чорт сынат. Ошондо Тайлактын сырттан багып, тынчы кетип аткан жигити «Бел курдагы айбалканды сууру!» — деп бакырат. Арап менен чапчышууга колтук

келип калган Тайлак буйрукту угуп, айбалтаны ала коёт да Арапты камынтпай бет талаштыра шилтеп жиберет!

Ш. Бейшеналиевде беттешүүнүн эрежелерине, элчилердин эмгектерине, калыстар тобунун тартипти сактоого аракеттерине көбүрөөк орун берилген. «Бетме-бет беттешүүдө ким басымдуураак утушка ээ болсо жеңиш ошолордуку» деген чечимге келишет. Жазуучунун версиясы боюнча күтүлбөгөн жерден жекеге Тайлак чыга калат. «Арап дапдаарып барып эсин жыят». Эки баатырдын найза сайышы, кылыч чабышы даректе корком берилет. Жазуучунун милдети да — баатырлардын күчтөрүн объективдүү сүрөттөө. Арап да далай сынактан өткөн айбаттуу шер, аны душман катары оңой-олтоң эле жеңилдирип коюу тарыхый чындыкка туура келбейт, ошондуктан күчтөрү бирдей баатырлардын кармашуусун калемгердин узагыраак созуп жазышы да мыйзамченемдүү. Тайлактын кулагына Бобо-

тойдүн «Буурулдун оозун жыйба! Карегиңди ирмебе! Алка жака бүчүлү тоскон торду жыя сай!» — деген ачуу үнү шак угулуп, шердентип жиберет.

Бардык материалдарда Тайлактын жеңиши — бул факт, тарыхый чындык. Бирок көркөм объектиге түшкөндө түпкү булактан айырмаландыбы, же жокпу — башкы маселе ушунда. А. Чоробаевдин казалында каармандар кыймыл-аракетке келип, майдан талаасынын картинасы түзүлүп, кантсе да жалпы согуштук панорама түзүлсө, К. Осмоналиевдин романында каармандардын ички дүйнөсү ачылбастан, үстүрт баяндоо менен чектелип калган. Жазуучунун өтө маанилүү окуяны бир абзацга сыйыштырып, рамкалашы көркөмдүк чеберчиликтин көрүнүшүнө мүмкүнчүлүк түзүп бербейт. Жандуу драматизм-конфликттин жоктугу, образдардын күңүрт берилиши, психологизмдин солгундуулугу — бул эпизоддун романда «жансыз» чыгып калгандыгын

белгилейт. К. Осмоналиев Тайлактын образына өтө чектелүү менен мамиле кылгандай сезилет. Ал гана эмес анын кытайлардыктар менен согушуусун жазуучу кокондуктар кылып көрсөтүп, тарыхый окуяны бурмалоого барган. Албетте, жоо деген жоо деп жалпысынан сүрөттөп көрсөтсө да болот. Бирок биринчиден, кытайлыктар менен согушунун эл аралык мааниси бар болгон. Экинчиден, Тайлак менен Атантай XIX кылымдын 20-жылдарында Цин империясынын чекесине чыккан чыйкан болуптур[1]. Үчүнчүдөн, кожолордун кыймылына катышып, аты-жөнү кытай документтеринде сакталып калган[2].

Тарыхый булактар боюнча 1820-жылы

---

[1] *Аттокуров С.* Тайлак баатыр.— 32-бет.

[2] *Кузнецов В.* Цинская империя на рубежах Центральной Азии; *Валиханов Ч.* Собр. соч. в пяти томах. Алма-Ата. Т. 3.; *Гуревич Б.* Международные отношения в Центральной Азии. — Москва: — 1979.

Жангир кожонун желдеттери менен Тайлактын кырк чоросу кытай чек арасын бузуп, Кашкарга кирип барышат. Тайлак жана башкалар Жангирдин Кашкарга «ата-бабаларынын мурасын», кайруу мусулмандарды капырлардан «бошотуу» үчүн болгон күрөшүнө катышууга макулдук беришкен[1]. Кашкардан да кыргыздар, өзбектер көтөрүлүш чыгарышып, бирок ал чаржайыт болуп калып, Жангир менен Тайлак чегинүүгө аргасыз болушкан. «Ата-баба мурасы» демекчи, К. Осмоналиевдин романында Ормон хан Кашкар тараптагы нойгут элин чабууну, Үчкө, Түлкү үчүн кун алууну ойлоп олуя Калыгулга кеңешкенде: «Качанкы, сөөгү сөпөт болгон ата-бабаларды коюп, колунда тирүү турган көчүш элинди асырап алсаңчы» — деп кагып коёт эмеспи! Ушул идеяны ишке ашыруу үчүн Тайлак да Кашкарга жо-

---

[1] *Аттокуров С.* Тайлак баатыр.— 32-бет.

ногон. Ч. Валихановдун жазганына ишенсек, Атантай менен Тайлак кожонун ишенимдүү колдоочуларынан болгон: «После этой неудачи Джангир странствовал в горных владениях // Болора и в киргизских улусах, пока не попал к киргизам рода саяк. Значительные вожди этого племени Атантай и Тайлак сделались ревностными его сподвижниками»[1]. «Обосновавшись в верховьях р. Нарын, Джангирходжа при поддержке киргизских народных предводителей Атантая и Тайлака начал готовиться к новому походу в Кашгар, совершая при этом время от времени налсты на цинские пограничные пикеты»[2] деп оюбузду бекемдейт аталган эмгегинде Б. Гуревич.

Кашкар акими Юн Цин Тайлак ме-

---

[1] *Валиханов Ч.* Собр. соч. в пяти томах.

[2] *Гуревич Б.* Международные отношения в Центральной Азии.

нен Жангирди кармап келүү үчүн 1825-жылы генерал Баянбатуну Б. Солтоноевдин билдирүүсүнө караганда 600 аскер менен жиберет[1].

Ш. Бейшеналиевдин баянында гана Жангир кожо менен Тайлактын байланышы кеңири сүрөттөлөт, автор окуянын өнүгүшүн өз алдынча эркин алып кеткен да, Суранчы бийдин баатырдын атасы Рыскул бийге куран окутуп келишип, сыр бөлүшүп, Кашкардан капырларды кубалап чыгып, ата мурасы — абалкы бийликти орнотуу тууралуу жашыруун убадалашкандары, көтөрүлүштүн башчысы Жангир кожону Чатыр-Көлдө тосуп, анттапшып-шерттешип, чабуулга өткөндөрү, жеңилиштери, акимдин орун басары Сэ Ну Эйдин мыкаачылыгы, кытайларга Тайлактын «жол көрсөтүү» тактикасы генералдын аскерле-

[1] *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. — 1-китеп. — 191-бет.

рин кыргынга учуратышы ж. б. да окуялар чагылдырылат. Жазуучу окуяны көрком баяндап келе жатып эле профессор С. Аттокуровдун эмгегине шилтемелерди берип жиберет. Натыйжада чиеленишип, конфликтке өтүп калган окуялар өзүнүн курчтугун жоготуп, образдардын элестери бүдөмүк тартып, каармандардын ички дүйнөсү тереңден анализденилбей калат. Акын А. Чоробаевдин казалында окуя таптакыр башкача сүрөттөлөт. Кашкардан качып келген Жангир элдин ишенимине кирип, Тайлактын айылына токтоп, эч жерден капары жок кожолору менен жыргап жатып калат.

Жангир кожом келди деп,
Жалпы Чоро кой союп,
Колдо барын белгилеп,
Изаат кылып турушту,
Келгенин жалпы эл угушту,
Кашкардагы жоругун

Айткан эмес Тайлакка,
Артынан куугун келбесе,
Билдирмек эмес жайлата.

Акын кыргыз элинин меймандостугун, ак пейилин, жаратылышын таамай көркомдөп берген. Ушундай «жомок» сымал жай турмушту бузуп, «Жангир кожо кайда» деп, «Тилин адам билбеген, Тиртийип үйго кирбеген» кытайлар суудай каптап, катын-бала, жаш-карыга карабай аябай кыргын салып, Ак-Чийге өлүк толтурган. Тарыхый маалымат боюнча 1000ден ашуун адам мууздалган.

Казалдагы, романдагы окуянын жүрүшүндө душман түн келгендиктен, Тайлак уктап жаткан болот. Чыгармаларда анын өмүрүн сактап калган кара буудан жонүндө эң жакшы салыштыруулар бар. Дегеле кайсы баатырларды албайлы аттары оздоруно шайкеш келип турат. «Манас» жана кенже эпостордо да аттар баатырлардын «канаты» болуп сүрот-

толот. Аттан айрылган баатырды душман оной эле женип алат. Тарыхый инсандардын аттары да реалдуу. Алалы, Балбайдын Сур айгыры эле аны кандай гана кыйынчылыктан куткарып кетпейт дейсиз! Ошондуктан, Балбайды Алматыга кармап кеткенде Сур айгырга мингизишпейт эмеспи! Ушул сыяктуу эле үй ичинде ар дайым багылчу баатырдын аты Буурул ат менен качып чыгып, жигиттерин жыйнап, душмандын колун кыйратууга бел байлайт.

«...Ноорузбай деген жигити үйүнө киргизип койгон Тайлактын Буурул ат деген күлүк атын жетелеп чыгып минип, жоо калган Тайлакты аттын куйругун карматып, сүзө качып, калың кытайды жара качып кутулган...»[1] — деп белгилейт Б. Солтоноев.

А. Чоробаевде Тайлактын кытайлар

---

[1] *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. — 1-китеп.— 191-бет.

менен кагылышы сүроттөлбойт, колго түшкөн адамдан сураштырышса «Тайлак менен эч иштери жок экени, Жангирди туткундоо максаттары экени» билинет. Ошондо Тайлактын өкүнүп турган жерин акын мындайча көрсотөт:

«Мындайын эгер билгенде,
Чалк-ойдөгө жеткирип,
Жоболондуу Жангирди
Торгарттан ары өткөрүп,
Толгон кытай алдына
Токтудан союп эт берип,
Бербейт белем Анбалга
Залалы тийди балдарга.
Кыргыздардын кыйласы
Өлүп кетти арманда,
Кыз талакты кармагын,
Кытайга тирүү арнагын!» —

деп Жабыкеге буйрук берип карматат да кытайларга өткөрөт. Жабыкеге кытайлар ат мингизип, сыйлык тартуулашып, Тайлакка салам айтып тарап кетишет.

Акында чыгарманын сюжети тарыхый материалдардан башкача нукка кеткенин көрдүк. А. Чоробаев эмне тарыхты билбей калдыбы?! Бул окуяларды сүрөттөбөсө казалдын көркөмдүк мааниси тайкы болуп каларын түшүнбөйбү? Тайлак менен кытайлардын таптакыр эле конфликтке барбашы эмнени түшүндүрөт? ж.б.у.с. суроолор келип чыгат. Менин пикиримче, А. Чоробаев окуяны бөтөнчө сүрөттөшүнүн сыры — акынга советтик идеология таасир этип, чектеш турган кытайларды таарынтып албоо, совет эли менен кытай элинин ортосундагы ынтымакка доо кетирбөө үчүн жасалма аракет менен чагылдырылганы көрүнүп турат. Ошондуктан акындын поэмасы (ал кол жазмада ушундай деп жазган) тарых менен дал келбей «асман менен жердей» ажырымда тургандыктан, азыркы окурмандар үчүн (совет окурмандары эмес) өзүнүн актуалдуулугун жоготуп койгондугу байкалат. Акындын

ой жүгүртүүсүнүн идеологиянын туткунунда калышы Тайлактын баатырдыгын айкын ачып берүүгө тоскоол болгон.

К. Осмоналиевде жоонун аты берилбесе да (бул да саясат) окуянын жүрүшүнөн билсе болот — кытайлардын колу басып кирип, адам чыдагыс кан агызат. «Бешинчи Тайлактын аялы — Буурчак баласын кең көйноктүн ичинен, кең алаага сала койгон. «Осмонум тирүү калса экен?» — деп, чатын кеңейте тизелеп отурат. Чаты жайылып, толукшуп турган сулуу келинге кол башчы назар бура токтоло калды. Ушуну күтүп тургансып, асман жарыла чагылган урагансып:

— Тайлак-Тайлак! — деген чуу дүңгүрөдү»[1]. Жазуучу өлүм менен өмүрдүн ортосунда жан алакетке түшкон элдин

[1] *Остоналиев К.* Кочмондор кагылышы. — 31-бет.

каардуу картинасын элестүү берген. Автор ушул эпизоддо гана каармандардын диалог-речтерин колдонот. Чыгармада диалог чоң мааниге ээ, каармандар дароо кыймыл-аракетке келе түшүп, образ-мүнөзү «калкып» чыга келет. К. Осмоналиев кичинекей Осмонду сактап калуу көрүнүштү жазганда элдик материалдарга, өзгөчө Ы. Абдырахмановдун вариантына таянгандыгы байкалат.

Жазуучу Ш. Бейшеналиевде кытайлар каптап киргенде Тайлак черик уруусунун бийинин кастарлап чакыруусунда мейманда эч нерседен капары жок эс алып, оюн-күлкүгө аралашып жүргөн учуру болчу.

Кайгуулга койгон жигити Абаскан келип, айылда болгон кыргын окуяны баяндаганда Тайлак сабырдуулук менен угуп, душмандардын сазайын кантип берүүнүн жолун ички дүйнөсүндө бушайман болуу менен чечет. «... оңгодон да баатырдын үй-бүлө, жакындарынан кимдер олтүрүл-

гөнүн улам эстей эчкирсе боздоп угузганда Тайлактын көзүнөн зaaры чыгып, жазы бетиндеги жабык булчуңдар күржүйө түйүлүп, алтын зымдай суйсалган жээрде муруттары кулак калкандарын титирете серпилип, ызасы, ачуусу кайнады»[1] — деп жазуучу каармандын трагедиядагы ал-абалын даана чагылдырган. Элине түшкөн оор мүшкүлдү, анын үстүнө үй-бүлөсүнөн ажыраган кайгы-капаны Тайлак жүрөгүнө сайылган канжар катары кабыл алды. Ким сыздабайт да, ким өкүнбөйт?! Ким мындай учурда Тайлакты колдобойт?! Баатыр мөңкүрөп калса, карап тургандардын үрөйү учпайбы?! Анын «канкорлордун катыгын берели» деген бир ооз сөзү жигиттерди кайраттандырып, жакшы куралданган душмандарды жеңүүгө таштаган урааны эмеспи!..

Ш. Бейщеналиев Тайлак менен Баян

---

[1] *Бейшеналиев Ш.* Тайлак баатыр. — 259-бет.

Бату (авторлор колдонгон боюнча бердик) урушун сүрөттөгөндө көз алдына «Манас» эпосун тартып: «Тайлак Манастын Аккуласындай Буурулду бургуйлатып», «Баян Бату Коңурбайдын Алкарасындай тулпарды алкынтып» — деп, бир топ жандуу элести берген. Бул жерде подтекстке — кыргыз менен кытайлардын согушу тээ атам замандан бери келе жатат, эли-жерин коргогон кыргыздар жеңишке жетүүсү керек деген ой уялап турат.

Санжыраларда да генерал Баян Батунун артынан түшүп, жекеге чакырып, Тайлак башын кыя чабат, негизги колун Туюк деген капчыгайга камап, алар ачкалыктан бири-бирин өлтүрүшкөн.

Тайлак минди Буурулду —
Тамандары туурулду.
Таталаган кытайлар
Баары бүткүл кырылды —

деген эл арасында ыр калган.

Генерал Баян Батунун кыйрашы, Атантай менен Тайлак элдик коргоону кыймылынын жетекчилери катары таанылганы «Против Маоистских фальсификаций истории Киргизии» (авторлору М. Сушанло, Б. Гуревич, В. Плоских, Г. Супруненко ж. б.), «Из истории антицинской борьбы» (Н. Мадеюев) ж. б. эмгектерде корсотүлгөн.

Императордун атайын буйругу менен Тайлакты кармап берген, же өлтүргөн адамга көп алтын-күмүш сыйлык жарыяланган. Бирок кийинчерээк айрым арам айла менен жергиликтүү корсотүүчүлөрдү басуу үчүн кытай императору Хун Ли манифестте: «Баян Бату Тайлак бийдин үй-бүлөсүн мүүздап акылсыздык кылган, ошол себептүү улуу император Тайлактын күнөөсүн кечирет»[1] — деп жарыяланган. Тарыхтагы маалыматтар белги-

---

[1] *Кузнецов В.* Цинская империя на рубежах Центральной Азии.

легендей Тайлактын кытайлардын үстүнон жеңишке жетиши, биринчиден, чек араны таанууга түртүп, императорду тынчсыздандырып, чек араны чындоого көңүлүн бурган, экинчиден, эл аралык мааниге ээ болуп, баатырдын даңкы Кокон, Хива, Бухара, Ооганстан, орус, казак жерлерине жеткен, үчүнчүдон, кичинекей уруулардан турган отряддарды дагы чындоого түрткөн, кыргыз эли да күчтүү куралданган аскерге каршы тура аларын далилдеген, тортүнчүдон, элдин бейкутчулукта жашаганына мүмкүндүк түзгон.

Айрым материалдар боюнча[1] Тайлак Кашкарды урушсуз алып, хандык кылып, Бегимай чүрокко үйлонгон, уулу Осмон ушул айымдан торолгон.

Тайлактын даңкы таш жарып бара жатканынан корккон Кокон хандыгы

---

[1] *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. — 126-бет.

казак баатыры Эдиге торону далыга таптап, эрегиштирип, аскер камдап берип Тайлакка каршы үндойт.

Ш. Бейшеналиев башкаларга караганда Эдиге торонүн образын өтө терең ачууга жетишкен, каармандын психологиясы менен жүрүм-туруму шайкеш келип, Мадали хан менен дос болууга жетишип, Тайлакты жеңсе Ак мечит менен Түркстан аймагындагы бийликти колго аларына кур кыялга батып, хан сарайында, кыргыз жергесинде чардап жатканы, кыргыз бийлерине октом болуп сыр корсотүшү, Ныязбек, Эдилбай ж. б. алдап-соолап аттантып жиберүүши сыяктуу эпизод-окуялар калемгер тарабынан ынанымдуу тартылган. Кармаш далайга чейин созулган. Бул жерде да Тайлакка жардам берген — Буурул аты. Нечен айкаштарда сыналган Буурул жалтактабай, ээсине ыңгайлуу шарт түзүп берип турган. Аттар кагылыша түшкондо «Тайлак окторулуп Эдиге-

нин алкымына матыра сайып оңкосунан жерге кулатты. Дал ошол закымда Буурулдун астынкы буту бүгүлүп, Эдигенин Тайлакты мээлеген мергенинин огу төбөсүнөн кайып кетти. Касиеттүү жаныбар Буурулдун ээсин эңкейте бүгүлгөнү Тайлакты ажалдан сактап калды»[1].

Жазуучу оюн көркөм улап кетсе болот эле, бирок бул эпизоддо да тарткынчыктап кайрадан С. Аттокуровду кийлигиштире койгону — чыгып келе жаткан күлүктү мүдүрүлтүп койгонго барабар эле.

А. Чоробаев Эдигенин кыргыз жерине келип, сарыбагыш Ныязбекти Тайлакты кармап бер деп кыйнашы, акыл менен аргасыз кутулушу тууралуу баяндарды кара сөз түрүндө берген. Тайлак менен Эдигенин сайышын акын берилүү

[1] *Бейшеналиев Ш.* Тайлак баатыр. — 333-бет.

менен сүроттойт: найза менен сайышып, кылыч менен чабышып, айбалта менен салышып, жеңден алып эңишип, чынжыр соottор жыртылып, чопкуттары кырчылып...

Чапчаңдык кылып эр Тайлак
Чапчып кармап жонунан,
Ак каңкыга басты бейм,
Кокбөрү тартып качты бейм!
Тегеретип чапкылап,
Туу түбүно таштады.

Тарыхчы С. Аттокуровдун жогорудай айткандай изилдоосү нагыз илимий мүнозгө ээ болгондуктан, анын үлгүсү катары төмөнкү корком картинаны кошуп кетсек ашыкча болбос: «Биринчи жолу, Тайлак найзасын сунуп келатып, жолугушаарда оң жакка ооп кетти да, Эдиге өтүп кетери менен кайра ээрге отуруп калды. Казактар дуу дей түштү. Алар Эдиге Тайлакты ыргыта сайды деп түшүнүштү... Бул жолу Тайлак сол та-

рапка оой берди. Эдигенин ачуусу эми аябай келди. «Э-э кызыңды... кыргыз сайыска чыктыңбы, же жасынмак ойноого чыктыңбы?! — деп бакырды»[1]. Ачууга жеңдирген алп Эдигенин колун кыя чаап, чокмор менен башка уруп, аттан кулатат. С. Аттокуровдун эмгегин корком чыгарманын катарына койсо деле болчудай...

Автордун билдирүүсүнө таянсак Тайлакка ушундан кийин «эки тизгин, бир чылбырды» бата кылып беришет. Акын туура түшүндүрүп кеткендей, Тайлак кошуун баштаган аскер башчылык укугун биротоло алган. Ал эми жайчылык турмушта баатыр да башкалардай оокатын кылат, үй-бүлөсүн багат. Өзгөчө, А. Чоробаев поэмасында Тайлактын эки коолусуна кеңири токтолгон. Биринчиси, соодага шарт түзүп, «Улуу жибек

---

[1] *Аттокуров С.* Тайлак баатыр. — 70-бет.

жолун» каракчылардан тартипке келтирсе, урууларга тыюу, карышкырга капкан салса, экинчиси, арык казып, суу жүргүзүп, дыйканчылык кылуу. Бул деген эң башкысы элдин камын ойлоо болуп саналат, өзү болсо аңчылык, мал багуу менен кесиптенген, алптыгына карабай жоомарт, боорукер болгон. Согушта окко учкан жигиттердин үй-бүлөсүнө энчиден көбүн берип, көңүл айтып жубатып турган, душмандын колго түшкөн аскерлерине гумандуулук кылып, эркиндикке чыгарган. Акындын ийгилиги — Тайлактын күндөлүк турмуш-тиричиликтеги жасаган иштерин, кеп-кеңештерин, жөнөкөйлүгүн ынанымдуу түрдө ырга салган. Замандаш баатырлардын ичинен Тайлак гана окумуштуу С. Аттокуров белгилегендей «өз заманынын мыкты саясатчысы»[1] болгон.

[1] *Аттокуров С.* Тайлак баатыр. — 81-бет.

Каармандын өлүмү жөнүндө даректер дээрлик бардык эмгектерде негизинен бирдей эле чагылдырылган. Кокон хандыгы Тайлакка күчү келбегендиктен, өлтүрүп келүү жөнүндө домчуну жиберет. К. Осмоналиевдин версиясы боюнча Тайлак жигиттеринин чач алдырып жатканын көрүп, кызыгып кетип, «жылкынын туу куйругундай катуу чачын» жибитип, эч нерседен шек албай, эл арасында көптөн бери жашап жүргөн домчуга кырдырат. Ууланган устарадан дени ысып, жарык дүйнө менен заматта коштошот. Акын А. Чоробаевде ордо оюнунан кийин башы ооруп чыдабай дарыгер кожону алдыртат. Айласын таппай жүргөн дарыгер келип, «Башыңызга кан чогулган тура, мурдуңуздан кан алайын» деп, ууланган аспап менен кан чыгарат. Акын бул көрүнүштү мындайча сүрөттөгөн:

Куроо тамыр болкулдап,
Чыдай албай солкулдап,
Чыйрыга түшүп алдастап,
Которулуп жамбаштап,
Мурдунан кан шорголоп,
Атып турат дирилдеп,
Алкымы шишип үн бүтүп,
Айталбай созүн кирилдеп...

Кайсы баатырды албайлы — аты менен курал-жарагы негизги ролду ойнойт. Курал-жарагы башка баатырлардан озгочолонуп турат. «Манас» жана кеп же эпостордо каармандардын ар бирине жараша эрдик кылуучу шаймандары бар. Айтуучулар тарабынан эпикалык чыгарма болгондон кийин ашкере гиперболаштырып жиберилген корүнүштор коп. Ал эми тарыхый инсандардын курал-жарактары апыртылганы менен кантсе да реалдуулукка жакын. Балбай баатырдын сыр найзасы, айбалтасы, кылычы кара келтеси атайы озүно уста тарабынан жа-

салып, тартуу кылынат. Ал эми Тайлак баатыр «темир таштан атайын жасалган көк албарс аттуу кылычы» менен бир шилтөө нечендеген душмандардын башын кыя чабат эмеспи. Баатырлар туулуп-өскөн жерлеринин коён жатагынан бери жакшы билишкендиктен ийгиликтерге жетип турушкан. Алар «опуза», «бешин алуу», «үройүн учуруу», «ыңгайдан пайдалануу», «сыйыртмак», «капан», сыяктуу көчмөндүү турмушка ылайыктуу атамзамандан бери колдонулуп келе жаткан тактиканы билгичтик менен колдонушкан.

Акын А. Чоробаев менен жазуучу К. Осмоналиевдин чыгармалары тарыхый чындыкка коошо бербейт. Акын Тайлак баатырдын жеке сыпаттарына гана токтолуу менен чектелип калган, анын коомдук ал-абалы, ээлеген орду, саясатчылыгы, көз карашы, улуттук боштондук кыймылдын жетекчиси катары көптөгөн тарыхый материалдар-

дын негизинде сүроттөөгө жетишкен эмес. Бул да болсо жеке автордун кемчилигинен тышкары советтик түзүлүштүн (мен советтик түзүлүштү эч убакта четке какпайм) айрым көрсөтмөлөрүнөн улам тарыхтын барактары бурмаланууга, же болбосо көз жаздымда калтырып коюуга аргасыз дуушар болгондугун байкоого болот. Автор көркөм чыгармага историзм методун колдонуунун керектигин түшүнгөн да болбосо керек. Акын элдик оозеки чыгармачылыктын канонуна салып, традициялык, калып менен бир беткей ой жүгүртүүгө рамкаланып, тушалып калган. Ал эми К. Осмоналиев да окуянын өзөгүн толук камтыбай чектелип, образдарды ачык көрсөтүүдөн тайсалдап турат. Жазуучуда эпизоддорду чагылдырууда реалдуу тарыхый негиз бар, бирок аны тарам-тарам кылып улантуу, каармандардын жаркын образдарын, ички дүйнөлөрүн, көз караштa-

рын, мамилелерин терең, кеп кырдуу кылып сүрөттөө жагынан мүчүлүштөргө орун бергени дароо көзгө урунат. Балким, калемгер Тайлакты Дааныш каарманынын эскерүүсүндө баяндап жаткандыктан, окурмандарга айрым маалыматтарды берүү жетишүү деп ойлосо керек. Ошентсе да романдын жана А. Чоробаевдин поэмасынын сюжеттик-композициясынын структурасынан орун алган Тайлак тууралуу көркөм чагылдырууларды кубаттоого болот.

Ал эми Ш. Бейшеналиевдин даректүү баяны өзү мойнуна алгандай Тайлак жөнүндөгү бардык материалдарды «чыпчыргасын коротпой пайдалануу» менен жазылган. Ошондуктан баянда келки-келки үзүндүлөр, өзгөчө С. Аттокуров менен А. Чоробаевден цитата түрүндө түздөн түз, болбосо кыйыр түрдө алынган. Жазуучу аларды трактовкалап, өз оюн, пикирин билдирүүнүн ордуна ав-

торлоргo толук кошулуп турган. Даректүү баянда Тайлактын образына караганда Куртка беги Таштанбектин, казак Эдиге торонун, Барпыгүлдүн образдары терең ачылган. Автор бул каармандарды сүроттоодо эркин кыялы чабыттоого отүп, фантазия менен корком-доштүргөн.

Тарыхый окуялардын бардыгын тизмектеп баяндоо корком адабияттын озуйпасына жатпайт. Ошондуктан, Тайлак менен Атантайдын Илеге көчүп барышы, Кокондуктарга туткундалышы, Жусуп кожо менен Кашкарга чабуулдары сыяктуу окуялар корком объектиден тышкары калган.

Тайлак баатыр жонүндогү корком чыгармалардын айрым оош-кыйыш кемчиликтерине карабастан, баатырдын элеси адабиятта орун алды. Ар бир чыгарма өз алдынча турганда да, ошондой эле катар болуп бирин-бирин толуктаганда да — Тайлак баатырдын эр-

диги, намыскөйлүгү, жалтанбастыгы, адамгерчилиги, жупунулугу, ишеними ж. б. сапат-касиеттери даана ачык көрүнөт.

Залкар акындар Арстанбек, Чоңдунун табышмактуу айтышында — эки бир туугандын баатырлыгы даңазаланат эмеспи:

*Чоңду:*

Ат ойнотпос сары жон
Ат ойнотту билдиңби?
Алтындан казык express
Бек байлатты билдиңби?

*Арстанбек:*

Куртканын чебин
бекиткен,
Купшундагы сарттарды
Кулдарындай кекеткен.
Кыргыздардын кегин
кайтарган
Кытайдын мизин
майтарган,

Атантай, Тайлак
болбосун.

«Жапайы тоо арстаны» аталган Тайлак тууралуу көптөгөн легендалар, санжыралар бар, аларда да баатырдын элеси жаркын элестейт.



# ОРМОН ХАН

АСКАР АКАЕВ

**Ормон-хан*** Личность Ормон-хана возвысилась на переломе эпох. Наиболее дальновидные лидеры кыргызских родов и племени видели, что Кокандское ханство ведет дело в тупик, усугубляя и без того сложное положение в регионе. С нарастающей силой в этот период стала проявлять себя Россия, завоевательные намерения которой в отношении Средней Азии не были в регионе секретом. Кыргызские племена, издревле носящие в своем сознании идею государственности, предстали перед необходимостью принципиально определяться со своим выбором.

* *Акаев А.* Кыргызская государственность и народный эпос «Манас». — Бишкек: Учкун. 2002.

Благоприятные возможности для этого создались во время правления в Кокандском ханстве Шералы-хана, известного своими симпатиями к кыргызам. Он мог с пониманием отнестись к автономистским настроениям кыргызов, тем более что единение кыргызов могло остановить казахов, которые под руководством султана Кененсары Касымова стали серьезно угрожать позициям Кокандского ханства в регионе.

Наибольшее стремление к самостоятельности проявляли в тот период племена Северного Кыргызстана, особенно сарыбагышей и бугу. Именно их правители первыми направляли посланцев к российским властям с просьбой о принятии своих племен в русское подданство.

Летом 1842 года был созван знаменитый курултай на западном берегу Иссык-Куля в местности Котмалда (нынче Балыкчи). Инициатива созыва принад-

лежала потомственному манапу племени сарыбагыш Ормону Ниязбекову. В курултае участвовали представители племен сарыбагыш, бугу, саяк, солто, саруу, кушчу, черик и др. Идея объединения кыргызских племен для борьбы с притеснениями со стороны Коканда и другими угрозами получила на курултае полную поддержку. По предложению биев племени сарыбагыш Джантая Карабекова и племени саяк Качыке Верховным ханом кыргызов был избран Ормон Ниязбеков.

Ормон имел собственную крепость на перевале Санташ, собственное знамя, владел стадами. Его авторитет среди кыргызских племен был велик. Решение курултая было оправданным. По древней традиции его подняли на белой кошме. Это означало по существу провозглашение Кыргызского ханства, способного быть на равных с Кокандом.

Вновь провозглашенный Всекыргыз-

ский хан предпринял активные меры по укреплению государственных устоев. Изданные им декреты составили солидную законодательную базу, которая затем получила название «Учение Ормона». В ханстве была создана военная структура, одинаково отвечающая целям и обороны, и нападения. Главнокомандующий вооруженными силами Торогелды имел славу батыра и располагал достаточными вооруженными силами на случай военных столкновений. Был сформирован также аппарат для осуществления внешних связей.

При исполнении ханских функций Ормон опирался на своих наместников-манапов. Судебные функции исполняли советники хана Мудербек и Минназар. Преступления карались беспощадно через повешение. Ормон-хан предпринимал меры по приобщению кыргызов к оседлому земледельческому труду.

Из всей совокупности предпринятых

Ормон-ханом мер видно, что кыргызская государственность в Ала-Тоо в середине XIX века приобрела реальные черты. Это особенно проявилось в отражении в 1847 году нашествия султана Кенесары Касымова. В этот период Ормон-хан проявил незаурядные качества военачальника, хорошо владеющего стратегией и тактикой вооруженной борьбы.

Разгром войск Кенесары Касымова, его пленение и гибель были с одобрением восприняты и в России, и в Коканде. «Белый царь» наградил Ормон-хана и его сподвижников Джантая Карабекова и других золотыми медалями. Всекыргызскому хану был пожалован также халат с золотым галуном, что тогда считалось высокой наградой. Для воздания почестей он был приглашен к российскому наместнику в Омск.

При всем своем уме и прозорливости Ормон-хан был сыном своего времени. Он известен весьма с жестким и своен-

равным характером, что приводило к росту числа недругов. Все большую озабоченность его действия вызывали в Коканде. Там было немало рычагов для внесения элементов розни и недоверия между кыргызскими племенами. В конечном счете это привело к межплеменным столкновениям двух, прежде дружественных племен — сарыбагышей и бугу. В результате братоубийственной войны, в которую были втянуты и другие племена, Ормон-хан получил тяжелое ранение и скончался. Это привело к межплеменным распрям и подорвало основу Кыргызского ханства.

Ормон-хан в новых исторических условиях середины XIX века обеспечил взлет кыргызской государственности и в том его величайшая историческая заслуга перед нашим народом.

Историки справедливо отмечают, что Ормон-хан предпринял ряд дальновидных шагов по сплочению кыргызских

племен в единую государственную общность. До сих пор в народной памяти живут заветы из «Учения Ормона», которое придало нормативный характер традициям и правилам, сложившимся в течение веков в народной жизни. Однако не без влияния интриг со стороны Коканда линия на создание в тот период собственной кыргызской государственности на земле Ала-Тоо не получила поддержки со стороны ряда племен. Но начало было положено.

* * *

Каждый исторический этап заслуживает своей оценки. Кокандский этап был тяжелым периодом в истории кыргызов, явившись еще одной из внешних силовых попыток подавить наш народ, подорвать его духовную энергию. И все же, анализируя времена кокандского гнета в нашей истории, я вижу, что и на этот раз стремление к собственной государ-

ственности не удалось вытравить из национального сознания кыргызов. Свидетельством тому стали мощные народные движения, связанные с именами Пулат-хана и Ормона. Все больше стал проявляться фактор, связанный не с волей отдельных правителей, а с широким общенациональным движением кыргызов за независимость. Наш народ и на этот раз с честью выдержал выпавшее на его долю испытание.

В конце XIX века в Евразии возникла новая геополитическая ситуация. Исторический процесс в жизни кыргызов в период нашествия Тамерлана и Кокандского ханства определялся в основном внутрирегиональными факторами. Между тем внешний фактор в конфигурации сил в регионе в XIX веке стал играть все более определяющую роль. В действие, особенно после краха Кокандского ханства, вступали такие мощные игроки, как Россия и Китай.

Что касается места Китая в тот период, то его нужно выделить особо. Это был далеко не тот дружественный и симпатизирующий кыргызам танский Китай, с которым нашему народу пришлось иметь дело в VII – IX веках. Древняя танская династия сыграла в жизни кыргызов действительно позитивную роль. Установившаяся на некоторое время в Ала-Тоо китайская власть после победы танского Китая над Западно-Тюркским каганатом по своему режиму была значительно более либеральной, чем порядки, устанавливавшиеся другими завоевателями. В известной битве при Таласе в 751 году китайцы помогли остановить дальнейшее продвижение арабов на восток, навсегда отбив у них стремление завоевать Среднюю Азию, хотя и сами китайцы, понеся в этой битве крупные потери более десяти веков — вплоть до цинского периода — не приходили на нашу землю. «Кыргызское

великодержавие», начало которому было положено победой над уйгурами в 840 году, стало возможным только потому, что танский Китай, пусть и не выступал на стороне енисейских кыргызов непосредственно военным путем, но политически вел себя как их прямой союзник.

Основанный маньчжурской династией цинский Китай вел себя в XIX веке уже поиному. Выдвигались требования признать власть китайского императора над кыргызской землей. Опасность была тем более велика, что Китай тогда завоевал примыкающую к кыргызским владениям территорию Восточного Туркестана, где была образована новая китайская провинция Синьцзян.

А затем начались вторжения на кыргызскую территорию. В этот период возвысились фигуры славных сыновей кыргызского народа Атантая и Тайлак Батыра, вступивших в борьбу и с цинскими завоевателями, и с кокандскими правителями.

АСКАР АКАЕВ

**«Ормон хандын асыл ой-тилектери — Ата-Мекенди сүйүүнүн өрнөгү»***

Биз жакында эле Кыргызстандын демилгеси менен уюштурулган эл аралык Бишкек глобалдуу тоо саммитин өткөрдүк.

Келерки жылы өлкөбүз үчүн мааниси жагынан мындан да кем калышпаган дагы бир окуяны — Кыргыз мамлекеттигинин 2200 жылдыгын белгилегени турабыз. Кыргыз эли өз эркиндигине, эгемен мамлекеттигине карай кылымдарды карыткан узак жолду басып өттү. Бул жол — мамлекет катары калыптануунун, гүлдөп өсүп-өнүгүүнүн жана бүлүнүп кыйроонун, азыркы мезгилде болсо кайрадан

* Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин, Ормон хандын эстелигин ачуудагы сүйлөгөн сөзү.

жаралуунун жолу болду. Биз мына ушундай кайра жаралуунун күболору жана катышуучулары болуп олтурабыз.

Азыркы эгемен мамлекетке жетишүүнүн ары баатырдык, ары трагедиялуу узак жолунун бир мезгили XIX кылымдын орто ченинде Ормон хандын өз кыргыз мамлекетин жарыялоо жана түзүү аракеттерине байланыштуу. Мамлекетти ал жарыялай алган, бирок аны калыптандырып түзүүгө жетише алган эмес. Анткени, ошол мезгилде мамлекет түзүүнүн объективдүү шарттары болгон эмес, коомдук мамилелер бышып жетиле элек болчу. Бирок, ошого карабастан, Ормон хан мамлекет түзүүгө далалат жасаган. Анын мындай аракеттери Кокон хандарын, коңшулаш казак султандарын жана орус бийликтерин гана эмес, өзү менен үзөңгүлөш жүргөн кыргыз манаптарын, канатташ уруу бирикмелеринин башчыларын да таң калтырган.

Кыргыз элинин XIX кылымдагы тарыхын туңгуч доктор, академик Жамгырчинов «Ормон хандын доору» деп атаган, бирок бул анын кесиптештери жана расмий илим тарабынан колдоого алынган эмес.

Ормон хан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер болгон. Бирок, ал Алымбек датка, Курманжан, Жантай, Байтик сыяктуу жарык жылдыз сымал алган эмес. Анын жанында ар дайым даанышман кеңешчиси, айтылуу акын-меселчи Калыгул Бай уулу кошо жүргөн.

Ормон хандын эл алдындагы негизги эмгеги — алгачкылардан болуп кыргыз элин бир бүтүн мамлекетке баш коштурууга аракет жасагандыгында турат. Мына ушундай аракеттин ишке ашпай калышы анын күнөөсү эмес, азабы. Бул ошол XIX кылымдагы кыргыз элинин башында турган бардык журт башчыларынын азабы.

1791—1854-жылдары жашаган Ормон Ниязбек уулу XIX кылымдагы алысты

көрө билген, өз мамлекетине ээ болуу жөнүндөгү элдин мүдөө-тилегин терең түшүнгөн чыгаан жол башчы болгон. Сарыбагыш уруусунун жана коңшулаш бугу, саяк, солто, кушчу, черик жана башка уруулардын башчыларынын колдоосуна ээ болуп, ал 1842-жылы, мындан туура 160 жыл мурда Ысык-Көлдүн батыш жак жээгиндеги Көтмалды (азыркы Балыкчы) деген жерде бүткүл элдик курултайды чакырат. Азыр айтып жүрүшкөндөй, курултайда бир гана маселе — хан шайлоо маселеси турган. Сарыбагыш манабы Жантай Карабек уулу жана саяктан Качыке кыргыздардын ханы кылып буга эң татыктуу Ормон Ниязбек уулун шайлоону сунуш кылышкан.

Кыргыз элинин тарыхын жазып, революцияга чейин эле кыргыз тарыхы боюнча китеп чыгарган Осмоналы Сыдык уулу бул окуя жөнүндө:

«Ормон эл-журтка кайрылып, өз ханыңарды шайлап алгыла, жакшы адамды,

акылман жетекчини хан кылып шайлап алгыла деди. Анда адамдар Ормондун өзүнөн ашкан хан болчу киши жок дешип, аны хан шайлап алышкан. Ошондон кийин ал хан аталып калган» деп жазган.

Эң жөнөкөй, бирок таамай айтылган.

Кылымдар бою келаткан байыркы каада-салт боюнча Ормонго хандын кызыл тебетейин кийгизип, ак кийизге салып көтөрүп, жалпы эл-журтка хан, деп жарыя кылышкан. Ошентип нечендеген кылымдардан кийин гана хан шайланган.

Ормон хандын өзүнүн туусу болгон, кеңешчиси болуп Жантай Карабек уулу дайындалган. Чабуулга өтүүгө жана коргонууга ылайыкталган аскерин түзүп, ага Төрөгелди баатыр аскербашы болуп дайындалган. Ысык-Көлдөгү Кокон чептери талкаланып бузулган жана кийин калыбына келтирилген эмес.

Санташ чек ара ашуусунда Ормон хан өзүнүн чебин орноткон (Ормон-коргон). Ормон хан мамлекеттин укуктук

базасын түзүүгө аракеттенип, эски үрп-адаттарга негизделген мыйзамдарды чыгарган жана алар эл арасында «Ормон окуусу» катары белгилүү болгон.

Тышкы байланыштар үчүн жана соттун милдетин аткаруучу аппарат түзүлгон. Башка уруулар арасында Ормон хандын бийлиги соттун милдетин аткаруучу аппаратка таянган, ошондой эле ал ошол уруулардын кадыр-барктуу манаптарын өз кишиси катары бийликке койгон.

Натыйжада XIX кылымдын орто ченинде кыргыз мамлекеттиги чындыкка айланып, ал өзүнүн бийлик символдоруна ээ болгон. Бирок, хандыктын чек арасы шарттуу түрдо эле. Ошондой болсо да Кокон хандары Ормон хан менен эсептешүүго мажбур болушкан, Россия бийликтери да аны таанып, «Ак падыша» ага сыйлык берген.

Сибирь губернатору кыргыздар «Кокон, Россия жана Кытай мамлекеттеринин үч кошконунда» турат,— деп белгилегендей, ошол учурдагы татаал эл ара-

лык кырдаалда Ормон хан коз карандысыз Кыргыз Мамлекетин кайрадан жаратууга аракет жасаган. Бул үчүн ал, азыркы көз карашыбызда, ото катаал чараларды да колдонгон.

Кыргыз ханы чечкиндүү киши болгон, ал баш котөргон жергиликтүү элди катуу күч менен басууга аракеттенген жана анын мындай иштери башка урууларда-гы үзоңгүлоштөрүнө жаккан эмес.

Ормон хандын чечкиндүү, борборлоштуруучулук саясаты оз алдынчалыкка көнгон уруу башчыларынын каршылыгына алгач тымызын, кийин ачыктан-ачык кабыла баштаган. Албетте, ал оз жооруна ылайык ар кандай башкаруу ыкмаларын колдонгон, кээде катуу тартип орнотууга барганы эл оозунда «Ормон опуза» деген ылакапка айланганы белгилүү. Пенде эмеспи, катачылык да кетирилген сыяктуу. Ошентсе да Ормон хандын мындай аракетин белгилүү орус окумуштуусу Александр Бернштам 1945-

жылы жазган эмгегинде: «Ормон хандын адепсиздик менен тоскоолдуктарды жеңип, кыргыз урууларын борборлоштурууга жасаган аракети колдоого гана арзыйт, анткени ал Россия тарыхындагы Иван Грозныйдын доорундагы ахыбалды чакан мерчеминде кайталады» — деп менимче таасын белгилеген.

Ормон хан жамаатташ уруулар менен кагылышта курман болгон. Бул чыр-чатактар мурда өзүнүн кол алдында болгон элдин эркиндигин коро албаган кокондуктардын чагымчылдыгы жана кастыгы менен келип чыккан. Бирок, Ормон хандын идеялары жана ал баштаган иштер анын жолун жолдоочулардын жүрөгүнөн орун алды, кан-жанына сиңди. Ошондон улам XIX кылымдын экинчи жарымында бытыранды кыргыз урууларын баш коштурууга карата жаңы аракеттер жасалгандыгын көрөбүз. Түштүк кыргыздардын көрүнүктүү окулу Алымбек датканын мындай аракети да ишке

ашпай калган. Андай күч-аракеттер үчүн шарттар бышып жетиле элек болчу.

Мына бүгүнкү күндө алардын эңсеген ой-тилектери ишке ашып олтурат — Кыргызстандын эли өзүнүн көз карандысыз мамлекетин курууда. Тынчтыктын жана ынтымактын негизинде эркин демократиялык мамлекеттин пайдубалы түптөлдү.

Ормон хандын өмүрү, тарыхый жолу жана ой-тилектери бизге өз эли-журтун, Ата-Мекенди сүйүүнүн өрнөгү болуп калды.

Мына ушул эстелик бизге жана урпактарга сүйүктүү Ата-Мекен алдындагы парзыбызды эске салып турган түбөлүк символ болсун.

Ормон хандын эстелигин ачуу жана илимий-практикалык конференция өткөрүү менен башталган иш-чаралар Кыргыз мамлекеттигининин 2200 жылдыгы белгилене турган келерки мааракe жылында улана берсин жана Ата-Мекенибиздин тарыхый жаңы жетишкендиктеринин салтанаты менен коштолсун.

## КАЛЫГУЛ

### Ормон ханга айтканы

Орус алар жериңди,
Сындырар сенин белиңди,
Уга жүргүн кебимди,
Таап коёр эбиңди.
Ошондой кыйын душманың
Ичинде калар бышманың.
Ачып жүргүн көзүңдү,
Азапка салба өзүмдү.
Кулак салгын кебиме,
Куп келтирет эбиңе.

Малыңды айтып мактанба,
Көп казакка аттанба.
Казактын малын аласың,
Как талаада каласың.

Күркүрөгөн кара нар,
Күчү пилге барабар.

Кара чымын таласа,
Талаага баспай тартынар.
Тоодакка тойбос ак шумкар,
Таранчыга талпынар.
Ойлонсоңчу, хан Ормон,
Карап турсаң кан соргон,
Арты кайдан оңолгон.
Өкүм айткан сөзүңдү
Өзүңдү ойдо көторүп,
Өйдө кылба өзүңдү.
Абайлагын сөзүмдү,
Эми жүрсөң доо болуп,
Кийин калба жоо болуп,
Эки бетиң коо болуп.
Элге батпай калбагын,
Бул замандын жалганын.
Айтканымды эсиңе ал,
Кедейлерге көзүң сал.
Ой, иним, Ормонум,
Жеген менен тойбодуң.
Кой дегенге болбодуң,
Акыры сен оңбодуң.

Бул каныңдын тамыры жок,
Калкыган камгак — арымы жок.
Ого дайра — агымы жок,
Ат айланар казыгы жок,
Арты өлүм менен бүттү.

## КАЧКЫНБАЙ ОСМОНАЛИЕВ

**Кочмондор кагылышы***

Кабар жаман. Абал оор. Көзүнөн каар чыга ызырынган Шамен сүйлөп жатканда Ормон:

— Дагы. Анан. Ошентебиз деп атыппы? — деп тынчсызданып укту. Чыйралып, эки санын мыткып, обдулду:

— «Канга кан алабыз. Соёбуз!» — деп атышыптыр дечи? Мени торлоруна түшкөн балык көрөт экен го?! Ормон булар үчүн буту тушалып, курмандыкка чалаар ат болуп берет экен го?!

Кыр көрсөтүүдөн коркуп, көчө качты деген намыстын айынан, Ормон жигиттерге жашыруун буйрук берип, бардык айылды чукулдата кондуруп, кү-

* *Осмоналиев К.* Кочмондор кагылышы. — Бишкек. — 1993.

түндү. Күн-түн кароол коюлуп, сак турушту. Жума өттү. Баягыдай бейкам. Душман жак тынч. Күндөрдүн биринде Айдардын сурнайы дагы тартылды. Шамен ага жолугуп кайтты. Берилген кабарда: «Бексейиттер ачык кол салышпайт. Мейманга келишкен болуп, Ормонду төрүндө жайлап кетишмек экен. Айланы баатыр өзү тапсын»,— дептир антында бек турган Айдар.

— Ак кызматына ыраазымын. Маңдайга жазганын көрөөрмүн! — деди Ормон. Андай ишке да кам көрдү, жигиттерге да айтылды. Буйрук берилди.

Бексейит баштаган токсондон ашуун адам караны калдайып, мейманчылап келаткан немелерче шарактап, жаркын кабак. Баары куралсыз. Колдорунда камчы. Араларында ичинен шап байланган эки-үч баш кесээри бары буларга маалим.

Ормон төрүндө. Баягыда Алыбек тартуулаган күрөң аюунун талпагынын

үстүндө, баалуу кийим менен. Эшигинин алдында эки сакчы. Колдорунда түпөктүү найза, белдеринде кайкы кылыч. Чукулда жайнаган жигиттер. Аттарын кош байлоолошуп, төрттөн болуп улак тартып атышат. Меймандар кирип келди. Желдей учкан, боз ат минген жигит кара эркечти беркилерден жулуп жөнөдү да, бултактага үзөңгү боого басып, Бексейитти карай качты. Маңдай тиштерин жаркырата күлүп, эркечти алдына күп таштады. Бексейит баш ийкеп, ыраазылыгын билгизди:

— Ыракмат, боорлорум. Ат болсун сыйыңызга. Ормонго мейманчылап келдик. Баатыр көрүнбөйт го, араңардан.

— Баатыр үйүндө,— деди эркеч таштаган жигит, шыпылдап. Алдында боз ат, ооздук кемирип ойнойт.

— Ийе, солойбу?! — Бексейит кытмыр күлдү. Ат тизгинин Ормондун үйүнө бурду. Улак тартып атышкандар жабыла келип, бир-бирден ат алышты.

Шүйшүно калган Бексейит кароолчуларды карай басты. Эшикти карай умтулганда, «кирүүгө уруксат жок!» дегенди билгизе, босогодогу бетме-бет турган экөөнүн колундагы найзалар учу айкалышты. Белине шап байланган Шамен:

— Султан, азга тура туруңуз? — деп өтүндү,— келгениңизди баатырга айтайын... Кирип кайра чыкты. Кароолчуларга:

— Бексейит султанды өткөрүп ийгиле! — деп буюрду.

«Бул неси? — дейт Бексейит,— былтыр келгенде эшиги ачык, кулачын жазып, жайдак отурат эди. Энди хан ордодо, хан такта олтургансып... Темирлан болоюн дегени го? Капкандан кутулам дегени го? Карт бөрү?! Токтой тур, бүгүн аман калсаң да, эртең куралдуу кол менен келип, мууздатамын. Кенесары күнүн түшүрөөрмүн башыңа!»

Ал Ормон үстүнө кирди. Күлө бага салам берди.

— Меймандап келип калдык!

— Жакшы болуптур, келгиле! Көрө жүрчү сый-урматты көргүлө.

— Жигиттер улак тартып атышыптыр. Тамаша үстүнөн чыктык.

Ормон күмүш таяк менен керегеде илинүү жез табакты каңгыр эткизе чаап койду. Ийилип, Шамен кирди:

— Кулак сизде, баатыр.

— Меймандарга жаңы үй көторгүлө.

Ормондун үйүнө чукул үч үй бат эле тигилди. Үйлөрдүн Ормон жак туурдуктары түрүлдү. Отуздан киргизилген чоочундар кереге көзүнөн көрүнөө. Ормондун үйүнүн меймандар жак туурдугу да түрүлдү. Өзү аларга көрүнөт. Бексейит Ормон менен. Дасторкон жайылып муздак эт, казыкарталар кесилип, кымыз сунула баштады. Ормон чечилген жок. Сөзгө кыска жооп берип, түнөрүңкү, сүрдүү отурат. Жигиттер ийилип, меймандарды күтөт. Окчунда эки жылкы жаңы союлуп, кемегелерге казан асылып, от түтөдү. Айыл

үстүндөгү адамдар булардын кол салуусуна кымындай мүмкүндүк беришчүдөй эмес. Баягы улак тартышкандар ызы-чуу түшүп, эңишке киши чыгарышып, жоо күрөш да баштап калышты.

Ичип, жешкен меймандар сыртка чыгышты. Аңгыча ашыга чаап келаткан караан көрүндү. Ала чапанчан, башында селде, белинде кайкы кылыч, асынганы түтөмө мылтык. Сакал-муруту кокондуктарча коюлган. Мингени сары аргымак. Кара терге чөмүлгөн. Алыстан келген сыяктуу. Чоочун адам ат ойнотуп, Ормондун эшигине тура калып, бакылдады:

— Оо, Ормон бар бекен?

— Бу ким? — деди Ормон мойнун создон болуп.

— Кокондук досторуң болобуз! — деди тиги. — Пишпек беги беш жүз сарбаз менен келеяпты.

— А анчалык неме болуп кетти?

— Жергиликтүүлөр кол салганы жатыптыр. Жардамга келатышат.

— Ким айтып жүрөт аны?! — Ормон опурулду. — Боорлорум менен тамак ичишип, жыргап, үйүмдө олтурам. Беш жүз кишини меймандар чамам жок. Достугуна ыракмат. Токтой турушсун.

— Шунакамы?

— Шунака!

Кабарчы аргымагын секиртип, алкынта шарт бурулуп ызгыган бойдон кетти. Олтургандар бирин-бири карайт. Арадан чай кайнам не өттү не өтпөдү, жалдуу тору атчан да бирөө келди анталап. Анын аты да кара терге түшүп, ылай, чаң. Башын кызыл жоолук менен буунган, кыргыз жигити экен. Ал да түшпөй тор атын туйлатып, кайкы кылычы белинде салбырап, каны ичине тарткан.

— Оо, Ормон баатыр, эсенсинби? — деди үзөңгү тебе какайып.

— Эсен элемин. Эмне болуп кетти силерге?!

— Мени тууганың Торогелди жибер-

ди. Сага кол салмакчы болуптур деп угуп, коп кол алып келатат!

— Бу кандай кара оозуна кан толгон неме чуулганды чыгарып жатат? Боорлорум менен жаркырап-жайнап, оз тор, оз үйүмдо тамак ичип олтурам. Бүгүн конок күтө албайм, токтотсун деп айт, Кокдолуга!

Кабарчы чаап кетти. Артына чаң таштап, карааны үзүлдү. Меймандар дагы бири-бирин карап, шуулдаган мүноздөрү суз тартты. Үчүнчү чабарман келди. Бул минген чабдар дагы кара терге чөмүлгөн. Алыстан келген түрү бар.

— Оо, Ормон ата, амансыңбы?

— Кимсиң озүң? — козүн алайтып, жигитке тигилди.

— Уулуң Үмоталы жиберди. Атама Иледеги казактар кол салмай болуптур деп угуп, кол баштап келатат.

— Калп! — деди Ормон, капшыттагы Бексейит жакка бурулуп алып, кол жаңдап,— султан Бексейит тигине. Ээрчип

келгендер үч үйдө олтургандар. Меймандарым менен тынч олтуруп, аш ичейин. Үмөталы дүрбөлөңүн бүгүнчө токтото турсунчу.

— Ылайым, ошондой болсун! — деп бул кабарчы да жолуна түштү.

Ормон кайра кирди. Аюу талпакка очоюп олтурду. Күлкү менен кытмырлык жүзүнөн күбүлгөн Бексейит кайрылды:

— Баатыр! Мейман коп келатыптыр. Жалгыз күтө албайсыз. Атганалы. Айылга барып, союш камдатып келели. Уруксат этиңиз?

Меймандарга жаңы эттен табак тартылды. Алар тамакты бат жешип, ашыгып аттанышты. Тобу самсып жолго түшүштү.

...Эмелеки, үч башка ат минген көрүнчү сымал көрүнүшүп жок болгон, үч кабарчы Ормондун амал менен даярдаган өз жигиттери. Алар чукулдагы коктуда жатышкан. Аттарын сууга салып,

ылай шыбап, алыстан келаткандай жасашкан. Амал менен улам бирден Ормонго келишкен. Кол салмакчы болушкандардын үройүн учурушкан.

Бексейит айылын түнката көчүрүп, Иленин төмонкү агымына, тереңге качты ошол эле түнү.

## ЭРНИС ТУРСУНОВ

**Балбай***

Тармал - Саздагы топ. Ормон кызыл тебетей кийип, ак кийизге отуруп, өзүн «ханмын» деп жарыялады. Ормондун окүмү. Алыбек баатыр Уулбаланы Каракелте мылтыкка алмашты. Кыз-күйөө: — Нурайым менен Нуржигит. Алыбектин тек-жайы, бугуларга өтүп кетиши.

— Ормон баатыр! Ормон баатыр!

— Ордолуу элге болгон баатыр!

— Кас душманын сойгон баатыр!

— Карк алтынга тойгон баатыр!

Сарбагыш жигиттери ушинтип ураан таштап, калың элди аралап келип, кыркырка тизилишти. Тармал-Саз деген кок-жашыл жайык ороондо кылкылдаган эл, жер жайнаган мал. Жай аккан өзөндүн кекиртегин чайкаган суулар

* *Турсунов Э.* Балбай. — Бишкек: 2002.

10 — 2063

жылтылдап, күнгө чагылышып, алыстан көзгө урунат. Өзөндүн ойүз-бүйүзүнө сегиз канат, он канат, он эки канат конок үйлөр, жатак үйлөр, аш үйлөр, ордо үй тигилген. Ортонку ак боз үйдүн чамгарагына туу сайылып, алдына ак кийиз жайылган. Айбалта кармаган жоокер жигиттер ак боз үйдүн алдында эки бет болуп турат.

Эл дарбыса, эшек кошо дарбыйт болуп, мурду менен дем алып, оозу менен тынгандан баары келген. Эл деген кумурска, жыныс-жынысы, уруу-уруусу боюнча жылдыздай чачырайт. Тартууга келген жылкыларды, төөлөрдү, төрт түлүк малды жылкычы, төөчү, койчулар тосуп алып, төш бетиндеги жайыттарга айдап кетип жатышты. Куйругу чарадай кысар койлор кашааларга киргизилип, бөлүнүп, коктуга чыгарылып, союлчу жылкылар, субайлар, кысыр эмди тайлар, соорусу чойчоктой чапчак бээлер коого камалды.

Ормон салтанат кучагында. Кошомат кылып кол куушурган манаптар, бийлер, жасоолдор, ага-туугандары жан-жагында. Ар уруунун акимдери, билермандары, уруу башылары, аксакалдары атайы тигилген конок үйлөрдө отурушат. Келишкен келбеттүү кызыл атка жана көмүрдөй чымкый кара кашка аргымакка минген эки жарчы алыстан ат арытып, сапар карытып, тоо чиркетип, кербен айдап келген коноктордун аты-жөнүн атап, жар чакырып жатат. Төрөгелди эшик-тордой чабдар айгырга минип эл башкарып жүрөт. Бир тарабында Адыл, бир тарабында Саза. Ниязбектин сегиз беги, Байсерке, Байботолор конок үйлөрдү көзөмөлдөп той кызматында. Алар төрт тараптан келип жаткан конокторду тосуу менен алек. Алыстан келген коноктор оздоруно арналып тигилген, туу сайылган өргөөлөргө түшүп жатты.

Орозбак жарчы:

— Казак бийи Супатай менен Өтөгон баатыр!

Супатай менен Өтогон баштаган казак бийлери тоо жетелеп, жылкы айдатып, аргымактарын алчылантып келип, казак туусу сайылган ак өргөөгө келип түштү. Жигиттер аттарын алып, тош-тоштү карай жетелеп кетти.

Карнайлар бапылдап, сурнайлар тартылды.

Тайкожо жарчы:

— Талас акими Кубатбек! Ажыбек датка! Бүрго баатыр!

Суусамыр, Өтмок ашып, мазар басып келген Ажыбек датка, Кубатбек, Бүрго баатыр баштаган кушчу, саруу, кытай урууларынын билермандары айдатып келген малын тапшырып, оздорүно арналып тигилген ак оргоого түштү.

Карнайлар бапылдап, сурнайлар тартылды.

Орозбак жарчы:

— Солто бийи Жангарач! Жаманкара, Канай баатыр!

Жараган жакшы аттарга минген, ча-

былчу кулукторун уртуктоп, саяпкер, сынчыларын ала келген Жаңгарач, Жаманкара, Канайлар байбиче, токол, зайыптары менен оздоруно арналган ак оргоого тушту.

Карнайлар бапылдап, сурнайлар тартылды.

Тайкожо жарчы:

— Саяк Рыскулбек, Качыке, Дуулат бий!

Жумгал, Ак-Талаа, Кетмен-Тобо тараптагы саяктар, ага удаа Колдун кунгой-тескейинен аттанган саяктар айтамга асабалуу, оздоруно арналган ак оргоолорго келип тушту.

Карнайлар бапылдап, сурнайлар тартылды.

Орозбак жарчы:

— Алайлык Алымбек датка ноокорлору менен!

Жасалгалуу аргымактарга минген, туштук мырзаларындай кооз кийинген, Кок-Артты, Куртканы, Кыз-Артты ашып

келген Алымбек анжыян кыргыздарын баштап, жүктүү качырларын айдаган сарттары, күлүк, жорго аттары менен келип түштү.

Карнайлар бапылдап, сурнайлар тартылды.

Тайкожо жарчы:

— Кашкардын кожосу! Жахангир Якуб-бек!

Башына жашыл селде чалынып, маңдайына күйүп турган каухар белги тагынып, сөөлөттүү жүргон Жахаңгир Якуббек менен аар кийинген, сакалы кебездей жумшак, ак селде чалынып, колуна күмүш таяк кармаган аккүп болгон Аппак Кожонун тукуму ажы-кожолору менен келип түштү.

Карнайлар бапылдап, сурнайлар тартылды.

Элет кыргызы коро элек, корсө да чанда коргон казакча жасанган, уйгурча кийинген, сартча жүгүнгон байбачалар түшүп жатты. Жарчылар жарыя кылып,

атын атаган сайын карнай бапылдап, сурнай тартылып, добулбас дапылдап турду.

Бугу бийлери сарбагыштарга тууган, бир Кылжырдын балдары болгондуктан, мурда эле келип, берчүсүн берип, өздөрүнө тигилген боз үйлөрдө жатышкан. Алар конок алышкан жок. Конок болуп, буйрукту күтүштү. Бирок, аларга эч ким буйрук айтып келген жок, акылдашууга, кеңешке да келбеди. Конок каадасы кылып, сыртка чыкканда гана күмүш чөгөргөн кемер курларынан, башындагы суусар тебетейлеринен, кементай, чепкендеринен, ат жабдыктарынан, көмөлдүрүк, куюшкандарынан булар бугу бийлери, акимдери, локтору экени таанылды. Кек сактап турганы же кепке келээри белгисиз, келгенден бери тондоосун жатышат. Айрыкча Мураталы менен Солтонкул «ичимен тап» болуп, ичтери уйгу-туйгу, анткени буга дейре буларга көп көңүл бурулган жок.

Алыстан чакыртылган коноктордун аягы суюлду. Ат-Башы, Нарындагы алсейит, тынымсейит, моңолдор, черик келип бүттү. Бугулар отурган оргооге бир кезде Ормондун агасы Субан келип кирди.

— Аз айып, көп күнөө кетсе, кечиргиле туугандар! Күттүрүп койдук. Мобу турган ат-башылыктар менен, ичкиликтер кечигип жатты. Солтолор да «барсакпы, барбасакпы» дегенсип, маалкатып кеч келишти. Казак туугандарга айла жок. Сабыр кыла тургула. Өзүбүздөн да ким бар, ким жок деп, тактап аттык. Силерден Балбай, Кылыч, Өмүр, Жанек көрүнбөйт.

— Балбайдын табы жок,— деп койду Боронбай сыр билгизбей. — Ноокастап атат.

— Сарт-аке, Тилекмат жок.

— Кыдык Самсаалы, арык Олжобай жок.

— Саяктан Алыбек көрүнбөйт.

— Келбей калгандар дагы көп.

— Келишээр. Той аяктагыча көп бар.

— Качыбек кайда, Бороке?

— Келбегендерди күтүп отура беребизби?

— Канча күн болду келгенибизге, баштабайсыңарбы?

— Кийин ичкүптүү болушпасын, таарынбасын! Эмесе, баштайбыз!

Жарлык боюнча бардык оргоолордон чыккан коноктор жайык торгө салынган шырдактарга,колдолондорго, талпактарга, ала кийиздерге, оро кийиздерге келип отурушту. Чакыртылбай келген малчы, жалчы, жатакчы, айылчы, кайырчы, календер, бей-бечара мусаапырлар бир соонун болчудай үмүт кылып, моюндарын созуп, топурап, мурундарын шор тартып, тикесинен тик турушат. Кул-кутан, күң-малайлар буту үзүлгөнчө чуркап, суу ташып, отун жарып, от жагып, кемеге башында, той кызматында.

Торогелди кызыл чаар жолборстун те-

рисин котөрүп келип, коноктордун чок ортосундагы секиге жайды. Аркар мүйүз болуп оюлган шырдактын үстүнө жайылган жолборс терисинин үстүнө кызыл өтүк, кызыл кемзел, кызыл манат тыштаган суусар тебетей кийген, олбурлуу Ормон каалгый басып келип, коноктор-го баш ийкеп, мандаш токунуп отурду. Оң жагынан атасы Ниязбек жолотүп келип, орун алды. Андан соң бир туугандары Бердибек, Бердикожо, Ажы, Шамен, Субандар, сол жагына Жантай, Кожобек, Ырыскулбек, Абыкан, Байсерке, Адыл, Саза, жездеси Байбото, уулдары Үмөтаалы, Чаргындар отурду.

Ак боз атчан Орозбак, кара кашка атчан Тайкожо калың элди как кара келип, жар айтышты.

*Тайкожо жарчы:*

О, калайык калың журт!
Ордолуу журттун жарын ук!
Улуу-кичүү баарың ук!

Тогороктүн торт бурчунан эл келди,
Куттуктоого касташканды жеңгенди!
Бүгүн кимдин, кимдин заманы,
Ормон-хандын заманы!
Бүгүн кимдин, кимдин ооматы?
Ормон-хандын ооматы!

*Орозбак жарчы:*

Кылчайып калмак батпаган,
Кытайлар мылтык атпаган,
Ортодо жаткан кыргызды,
Ойроттон аман сактаган,
Көрдүңөр Ормон баатырды,
Көрөсөн айкөл, акылдуу.
Ууруга жылкы тийгизбей,
Уурунун баарын жапырды.
Дубанга жортуул жүргүзбөй,
Душманды артка качырды...

Төрөгелди чабдар айгырдан түшүп, кырка отурган бийлердин алдына келип, жар салды:

— Ормон баатыр башы, козү, тошү кыргыздын! Калайыкка хан которүп алалы! Бүгүндон баштап, кызыл тебетейди бироо кием! Же башка кийчүлор барбы? — Ормондун тизесиндеги тобосү бийик кызыл тебетейди кылчая карады.

— Менимче, Ормондон башка ылайыктуу киши жок. Ормон кийсин!

— Болсун! Болсун! Ормон кийсин! — деди Жантай топтон суурулуп. — Кызыл тебетей кийгениңер башыңардан алып салгыла!

Журт арасында тобосүн кызыл барсыткa тыштатып, суусар тебетей кийгендер бар экен, алар тебетейлерин дароо башынан алып, топучан, жылаңбаш соксоюп отуруп калышты.

Торогелди:

— Жан бироо! Бир жанга бир ок жаңылат! Хан бироо! Хан болом деп, кызыл тебетей кийгендердин башы алынат! Эки жан болбойт! Ошондой эле эки хан болбойт! Эл бироо! Демек, эл башкар-

ган хан да бироо. Жер күбо! Асман күбо! Ормондун хандыгына Теңир күбо! Мындан ары Ормон кыргыздын ханы делет! Хан деп сүйлойсүңор! Алдаяр хан! Кызыл тебетейди Ормон гана киет!..

**Ормон кан Ысык-Колдүн күңгойүнон кол менен аттанып чыгышы***

Жаңыдан Кенен келгенде,
Жанкарач кабар бергенде,
Күңгойдогү Ормонго,
Кабар салган Жанкарач,
Кененсары келди деп,
Өрттөп кирди жерди деп,
Бала-чака чыгарбай,
Басып калды элди деп.
Бул кабарды укканда,
Оолугуп Ормон турбады.
Сарбагыш менен бугудан,

* «Эл адабияты» сериясы. Түзгондор *А. Акматалиев, К. Кырбашев, Н. Өтүрзакова.* — Бишкек: «Шам», 2002. — 15-том.

Сандаган кошуун жыйнады.
Саякка кабар салдырды,
Сардалдын баарын алдырды.
Төрөкелди, кан Ормон
Адамды айран калтырды.
Бугу, саяк келгенде
Бурулуп карап турбады.
Аземин журттан арттырып,
Керней-сурнай тарттырып,
Тоо мылтык атып тарсылдап,
Желпилдеген туу менен,
Жер майышкан кол менен,
Төрөкелди, Ормон кан,
Келип калды кол менен,
Калмак-Ашуу жол менен.
Бул кошуундун ичинде,
Карыясы Калыгул,
Аңгемеси мына бул.
Төрөкелди, Ормон бар,
Түболүк журтка коргон бар.
Кепке жетик Шамен бар,
Ботаалы менен Адыл бар,
Үмөтаалы, Чаргын бар,

Моңолдор, Сары, Токтор бар.
Карабектин Жантай бар,
Оёндун баары кошулуп,
Казактар көөп кетти деп,
Кайраттуу эрлер озунуп,
Калмак-Ашуу ашышып,
Чоң-Кеминди басышып,
Аземин журттан арттырып,
Алтын ооз кернейди
Орозбакка тапшырып,
Арылдатып тарттырып,
Сурнайына суу тартып,
Кан Ормон деп чуу тартып,
Жазайыл айтып карсылдап,
Кашка жолго келишип,
Калкына кабар беришип.
Оен Ормон кеп айтып,
Кеп айтканда эп айтып,
«Алтын ооз кернейди,
Орозбак баспа деп айтып.
Текеликтин сеңирде,
Теминишчү жеринде,
Май-Добонүн озүндо,

Майдан кылчу кезинде.
Добулдун үнү тапылдап,
Керней үнү бапылдап,
Тоо мылтык үнү тарсылдап,
Жер жаңырган чуу болуп,
Алда канча дуу болуп,
Кенен канга угулду.
«Ой пирим ай бул добуш,
Жер жаңыртты дүнгүрөп,
Кулагымды тундурду.
Алда канча күңгүрөп.
Күңгүрөгөн неси» — деп,
Кененсары сурады.
Жооп бербей ал жерде,
Байзак карап турабы.
«Келгенинде Кенен кан,
Чабагы менен чабыштың,
Азыраак найза салыштың,
Жаяны келди жаңыдан,
Салышасың абыдан,
Мунун жаяны Ормон дөө келди.
Кернейин тарттырып,
Келбетин журттан арттырып,

Карап байка сөзүмө,
Кабар берди өзүңө.
Адам олчоор эр эмес,
Бир корүнот козүңө».
Кашка жолдо кернейи,
Кан Кененге угулуп,
Кан Ормон кан келгиче,
Канча жан карап турулуп,
Ай деп койгон киши жок,
Адам менен иши жок.
Кызыл-Суу, Шамшы оюнда,
Чүй суусунун боюнда,
Кененсары казактын,
Киремин деп тоюна,
Бөлөкбай, Талкан үстүнө,
Баса конду Ормон кан.
Сегиз бектин сарасы,
Дөөлөтү каркап толгон кан.
Эр Байзак, Кененсарыга,
Ормон канды мактаган.
Айткан ушу созүно,
Ыраазы болбойт өзүно.
Байзакты Кенен кекетип,

Кененсары кеп айтат:
«Баркымды билбей калжырап,
Мен турганда Ормондун,
Мактайсың несин» — деп айтат.
Жаным аман турганда,
Жаноо айткан созүңдү,
Жайлармын Байзак озүңдү.
Аптыгасың мактанып,
Ачармын сенин козүңдү.
Атпай алач кол келди,
Аянбай кошуун мол келди.
Түрүлгон калың кол менен,
Түйшүк салбай нетемин,
Түбүңо кыргыз жетемин,
Түрү суук соз менен,
Байзакты Кенен кыстады.
Жаны курсун олбойт деп,
Сай соогү сыздады.
Болокбай менен Талканга,
Ормондун колу кошулду.
Акылмандуу карылар,
Акыл ойлоп озунду.
Азаматтар шайлады,

Аянбай көңүл жайлады.
Чүйдүн суусун келтирип,
Кургак сайга байлады.
Кадимки сайдын өзүндө,
Кашык суусу калбады.
Май-Добонун өзүндө,
Карылар айткан сөзүндө,
Келберсип келген Кенен кан
Суу таба албай мукурап,
Адамы суусап зыркырап,
Текеликте көп кошуун,
Баштан аяк чуркурап.
Ойлонуп акыл таптырып,
Отту арбын жактырып,
Ормон салып локусун
Эл журтуна кеп айтат:
«Эрегишкен душмандын
Эсебин тапкын деп айтат,
Ачта кеңеш кутулбайт,
Токто кеңеш табылбайт.
Далайдан бери жабыркап,
Душмандын жолун алыңар.
Солто, Талкан, Болокбай,

Ачка болуп калдыңар.
Дасторконун мол жайып,
Сары казы, кыйма жал
Бышык эттен мол берди,
Түнкүсүн болгондо,
Отту арбын жактырат,
Колу арбын десин деп,
Эсебин минтип таптырат.
Күндүз күнү болгондо,
Чаң асманга оргутуп,
Талаага мала тарттырат.
Эл эсебин алдырат,
Адамды эстен тандырат.
Ала каргадай арык келди,
Беттешкен жоону женген Белек келди.
Моңолдор толук келди,
Чегирткедей черик келди,
Бир-бирине шерик келди.
Таруудай саруу келди,
Кумурскадай кушчу келди.
Аттын түгүндой,
Адигине келди.
Сансыз саяк келди,

Анжияндан басып келди,
Ала-Тоону ашып келди.
Кырк санга толгон кыпчак келди,
Алайдан мунгуш келди.
Жер жайнаган
Жедигер келди.
Жергеси менен багыш келди.
Кылайып кыргыз калганы жок,
Алты шаардан нойгут келди,
Кызыл аяк, канды келди,
Кыдырша, Тейит келди.
Анжияндан доолос келди.
Жылдыздан мундуз келди.

## С. М. АБРАМЗОН

**«Манапчылык»*** Исламды колдогон манаптардын өз ичинде да айрымдары молдолордун айыгышкан душманы болгон. Мисалы, аскердик-феодалдык төбөлдөрдүн эң ири өкүлү, XIX кылымдын биринчи жарымында сарбагыш уруусун башкарып турган Ниязбеков Ормон хан дал ошондой адам болгон (ага үстүртөн, ал эми кээ бир жерлерде, айрым бир мезгилдерде башка ири урук-уруу бирикмелери болгон бугу, саяк жана солто уруулары да иш жүзүндө баш ийип турушкан).

Ормон хан өзгөчө динчилдиги менен айырмаланган эмес; бирок орозо туткан, сейрек болсо да таңкы намазды окуп жүргөн. Эшендер менен ажыларды де-

* *С. М. Абрамзондун* китебинен алынды.

геле жек көрүп, аларды жанына жакын жолоткон эмес. Бир молдого гана өзүнүн «Ормондун жооп тамасы» деген тарыхын жаздырган, бирок тилекке каршы ал бизге жеткен жок.

Ормон хан жөнүндө төмөнкүдөй бир окуя айтылып жүрөт:

Күндөрдүн биринде ал ажынын туура киши экенин сынап көрүү үчүн ушул максатта Кашкардан келген бир ажыга бир нече чоң жылкыны тартууга берип жатып, аялым ажыга тай-кунандардан тартуу кылыңыз деп кеңеш берди, мүмкүн тай-кунандардан аларсыз дейт. Ажы ага аялдын кеңешин укпоо керек деп жооп берет. Ормон хан ага чоң жылкылардан бир нечесин тартуулап, жолго салат. Бир жылдан кийин жакшы тартуу алам го деген үмүт менен ал дагы келет. Бул жолу Ормон хан ага аялым ажыга чоң жылкылардан тартуула деп кеңеш берди, мен өзүм тескерисинче тай-кунандардан тартуулайын деп турам

дейт. Ажы ага: «аял кандай кеңеш берсе ошондой иштесе да боло берет» деп жооп берет. Ормон хандын катуу ачуусу келип, ажыны белек-бечкексиз эле кууп жибергиле деп буйрук берген экен.

Ормон хан өзү молдолор менен эшендер элди алдап жүрүшөт деп айтчу экен, ошондуктан Ормондун заманында калк «азанчыны» (муэдзиндерди) «оозуңа таш» деген эпитет менен оозандырышкан.

Диний ырым-жырымдарды жетишээрлик даражада бекем тутпаган жана Ормон хан эшен-молдолорго ушундай мамиле жасаган шартта кээ бир изилдөөчүлөр Ормон хандын диний иштерге кийлигишээри жөнүндөгү келтирген маалыматтарды толук чындык деп эсептөөгө болот. Н. Х. Калемин өзүнүн материалдарында мындай деп жазат: «Күндөрдүн биринде (Ормон ханга С. А.) анын уруулаштары чоң тартуулар менен келишип, отуз күндүк орозону күнү узак жана ысык жайкы мезгилден кыш айына которуу жөнүндө

уруксат сурашат. Ормон дароо эле уруксат берет, ошентип орозо кышка калтырылат.

Бул окуяда Ормон хан ээ болуп турган зор кадыр-барк жана чексиз бийликти эске алуу керек. Буга, атап айтканда, Ормондун жол-жоболорду «мыйзамдаштырган» жарлыгы далил боло алат. Бул «жарлыкта» анын хандыгында төбөсү кызыл тебетейди анын өзүнөн башка эч кимдин кийүүгө укугу жок экендиги, (бирөөнү өлтүрсө) «кун» үчүн — 300 жылкы, болок бирөөнүн аялын ала качып кеткендиги үчүн — 40 жылкы жана уурулук үчүн — 9 жылкы олчомүндо айып салына тургандыгы корсотүлгөн.

Ормон хандын молдолорго жасаган мындай мамилесинин, жалпы эле анын исламга карата начар мамилесинин негизинде жаткан нерсе исламдын озбек соода капиталынын ажырагыс коштондусу катарында жайыла баштаганы болду; бул капитал крайды оторлоштургандан кийин

кыргыздардын мал чарбачылыгына ургаалдуу түрдө кирип, анын натуралдык негизин буза баштаган болучу. Ормон хан болсо өзбек соода капиталынын кыргыз чарбасына жайылтылышына каршы болгон, ал кокондук хандыкка карама-каршы, туруктуу эмес болсо да, өзүнүн саясий биримдигин түзгөн эле. Бирок бул Ормондун өзүнө марал-бугулардын мүйүздөрүн сатуу боюнча ири операцияларды жүргүзүүгө тоскоолдук кылган эмес.

Ошондой болсо да, булардын бардыгы манаптарга, алардын ичинде Ормон хандын айлана-чөйросүндөгүлөргө исламды өздөрүнүн таптык кызыкчылыктары үчүн пайдаланууга тоскоолдук кылган эмес. Ормондун башкы кеңешчилеринин бири — өзүнүн ашынган динчилдиги менен таанылган жана кыргыз элинин келечеги жөнүндө алдын ала айткан көрөгөчтүгү менен атагы чыккан Калыгул болгон (ал Асык уруусунда жети жашынан эле «сопу», б. а. суфий аталган).

Ислам, акырындык менен үстөмдүк кылган динге айланып отуруп, кыргыздардын арасында кеңири тараган байыркы диний ишенимдер жана ырым-жырымдар менен тил табышып, жашоосун уланта берген.

Бир нече мисал келтирели: казактардын султаны Кенесарынын бир тууганы — Ноорузбайды согуштун учурунда кыргыздар колго түшүрүп өлтүргөндө, казактар өлтүргөн Эркалпак деген кыргыздын аялы Ноорузбайдын ичин жарып, үч жолу канын ууртаптыр. Алибек деген душманын колго түшүрүп өлтүргөндө Ормондун уулу Үмөтаалы анын жүрөгүн кесип алып, жүрөктөгү канын ичкен экен.

Кыргыздарда «мүчөл» деген салт болгон, жигит үчүн жакшылык менен өткөн ар бир 12 жылда (айбандар цикли) той өткөрүлүп, кандайдыр бир кымбат баалуу курмандык чалынган. Ушундай тойлордун биринде Үмөтаалы бир чалды өлтүрүп, курмандык чалууга буйрук берген.

Уруулардын ортосундагы же коншу элдер менен болгон согуштук кагылышууларда, кала берсе анча деле алыс эмес мезгилдерде колдонулуп келген мыкаачылыктарды сүроттоп жазып отурса ото эле коп орунду алаар эле. Н. Х. Калемин томонкүдой бир мисал келтирет: бугу жана черик деген кошуна урууларды коп жолу талап-тоноо менен, ал (Ормон хан. С. А.) колго түшкон туткундарды а дегенде «когонго» (койлорду байлоо үчүн кыргыздар пайдаланган майда илмектери бар аркан) байлап туруп, койдой мууздачу экен. Мындай учурда копчүлүгүндо желдеттин милдетин анын уулу Үмотаалы аткарган.

Ормон хандын заманы жонүндо аңгеме айтып бергендердин копчүлүгү Ормондун ордосунда дарга болгонун, ал эми кыйыр түрдогү маалыматтар айрым учурларда олүмго окүм кылынгандарды орттоп олтүрүшконүнон кабар берет.

Акырында келип, Ормондун тушунда

кулчулук да сакталып турган. «Кулдар» ат чабыштарда мал менен бирге байгеге сайылган, бир манап экинчи бир манапка тартууга берген, малга айырбашталган, ал эми айрым учурларда кулдар мал менен бирге калыңга берилген.

## АСКАР БЕДЕЛБАЕВ

### Ормон хан — оз доорунун чыгаан инсаны

Кылымдарды карыткан кыргыз элинин карт тарыхында эл-журтунун жүгүн аркалаган көптогон эр-азаматтары болгону талашсыз. Мезгилдин отүшү менен алардын ысымдары уламышка айлана, элдик оозеки чыгармалардын каармандарына айланган. Буга көчмон турмуштун жана жоокерчилик замандын айынан кыргыздардын байыркы жазуу-сызмасын жоготушу белгилүү деңгээлде шарт түзгон. Андыктан кыргыз эли өзүлөрү аздектеп урматтаган чыгаан инсандарынын өмүр жолун, жасаган өрнөктүү иштерин муундан-муунга оозеки даңазалай, санжыргалуу санжыра киргизишкен.

Бирок, кыргыз элинин өнүгүүсү үчүн көптогон жакшы нерселерди берген совет доорунда, партиялык тоталитардык

режимдин ашкере саксынган саясатынын кесепетинен, коптогон элдер озүлорүнүн мыкты уул-кыздарына татыктуу баа бере албай келгени белгилүү. Ошентсе да андай инсандардын ысымы элдин кокүрогүндө сактала, муундан-муунга өткөрүлүп келе жаткандыгын айкындыкка багыт алган акыркы 10 жыл даана көрсөттү.

Ар түрдүү улуттар менен бирге кыргыз эли да озүнүн түпкүрдөгү тарыхын жана көчмөн коомдун өнүгүшүнө белгилүү салым кошкон инсандарын калыс таразалоого аракеттенүүдо. Анткени өмүр жолу, ишмердүүлүгү тактоону талап кылган тарыхый инсандарыбыз арбын. Алардын бири XIX кылымдын I жарымында кыргыз элинин башын бириктирип, өзүнчө мамлекеттүүлүгүн негиздоогө аракеттенген коомдук-саясий ишмер, чебер дипломат жана корүнүктүү аскер жетекчиси Ормон Ниязбек уулу болгон.

Бизге жеткен ар кыл маалыматтарга караганда Ормон Ниязбек уулу 1790—92-жылдары Чүй боорундагы сарбагыш уруусунун тектүү үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

Жогоруда аталган Ниязбектин сегиз бегинин ичинен төртүнчү уулу Ормон тарыхта өзгөчө орунду ээлейт. Ал бала күнүнөн чыйрак, беттегенинен кайра тартпаган көк жал, баамчыл болуп, коомдогу өзгөрүштөрдү кылдат талдоого алган. Ал мезгилдеги патриархалдык-феодалдык түзүлүштөгү уруулар аралык жаңжалдар, түбү бир элди ажырым кылган куру намыскөйлүк, тегерегиндеги ботон элдердин көз карандылыгында болуу сыяктуу койгөйлүү маселелер Ормонду кыйла ой-толгоолорго түрткөнүн анын кийинки аракеттери ачык айгинелеп турат. Ал бой жеткен сайын оюу гана тереңдебестен, бою да абдан узара, алп денелүү, чап жаак, көргөн адам сүрдөгүдөй бүркүт кабак жигит болгон-

дугу оозеки маалыматтарда байма-бай кездешет.

18 жаш курагында, болжолу 1808 — 10-жылдары, Ормон жоокерчилик замандын шартына жараша уруулар аралык чабышка катышып, саяк уруусунун колуна түшкөн жана сегиз айдан ашуун Жумгалда туткунда жүргөн. Атасынын катаалдыгынанбы, же мезгилдин талабынанбы, айтор салт боюнча мал берип уулун куткарып алуудан Ниязбек баш тартып коёт. Ормон айласын таап, элине качып келгенден кийин журт башкарууга түздөн-түз аралаша баштайт. Айрым даректер боюнча 600 түтүндөн ашуун эли бар Ормондун айылы алгач азыркы Токмок шаарынын түштүгүндөгү Жылгын башы деген жерде туруп, кийин ата конушу Байсоорунду биротоло турактайт.

Бул мезгилде кыргыз жергесине батыштан Кокон хандыгы, чыгыштан Цин империясы, түндүктөн Россия империясы көз арта, алардын ар бири өз алдынча

бөлүп-жаруу, алдоо, коркутуу саясатын жүргүзүшкөн. Негизги максаттары — Батыш менен Чыгышты байланыштырган маанилүү аймакты ээлөө, жаратылыш байлыктарын талап-тоноо, өз товарларын сатуу жана элди эзүү эле. Ал үчүн бир урууну экинчисине кагыштыруу, кур убадаларды берүү сыяктуу баскынчылык ыкмаларды кеңири пайдаланышкан. Мисалы, кытай төбөлдөрү көлдөгү бугу уруусунун башчыларына «кызыл шарик» наамын ыйгарымыш этсе, Кокон хандыгы Жумгалдагы белгилүү адамдарга датканыкты берип, бири-бирине каршы коюуга аракеттенишкен. Натыйжада, жоокерчилик доорго мүнөздүү барымта алуу, чабышуулар күч алган. Ушундай кырдаалда Ормон жумгалдыктар менен тил табышып Төрөгелди баатыр башында турган болот урусун Шамшы ашуусу аркылуу Кочкорго көчүрүп барат. Бул Кокон хандыгынын акырындык менен Кыргызстандын түн-

дүгүн ээлеп, чептерин кура баштаган мезгилге — 1825 — 30-жылдарга туура келет.

Ормондун тугандары Кочкорго байырлагандан тарта бугу менен саяк урууларынын арасындагы мал уурдоо, араздашуу кыйла деңгээлде тыйылат. Өзүнүн да канат-бутагы жайыла, өрүшү кеңейип, тегерегиндеги урууларга таасири күч ала берет.

Кыясы, Ормон жаратылышынан баамчыл, келечекти туура аңдай билген инсан болсо керек. Андыктан, өз айланасына кадыр-барктуу, сөз билги чечендерди, ойчулдарды, баатырларды, усталарды жана өнөрпоздорду топтогон. Алар менен күн сайын баарлаша, кыргыз урууларынын ички абалын, кошуна мамлекеттердин өнүгүү жолун талдоого аракеттенген. Тектеш өзбек, казак хандыктарынын түзүлүшүн үйрөнүп, алардын негизинде чачкын кыргыз урууларын саясий жактан бириктирүү жана мамлекеттүүлүгүн негиздөөнү алдына максат

кылып коёт. Ал үчүн талбай иш жүргүзүп, оз дооруна жараша башка уруу башчылары менен мамиле түзгон. Акырындык менен 10 миң түтүн сарбагыш уруусунун башкы манаптыгына жетип, 2 миң түтүндон ашуун жакын урукташтарын Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаага чейин кочүрүп барган. Ушундай даярдыктардан кийин Ормон кыргыздардын мамлекеттүүлүгүн негиздоо максатында Кыргызстандын түндүгүндогү урууларды баш коштурган хандыкты түзүүго белсенет. Копчүлүк окумуштуулардын пикири боюнча, 1842-жылы жай айларында солто, саяк, сарбагыш, бугу, саруу, кушчу, черик урууларынын мыктылары Ысык-Колдүн батышындагы Кызыл-Токой деген жайыкка кезектеги топту (жыйынды) откорүүго чогулушкан. Адатта, бир-эки жыл сайын откорүлүүчү мындай топтордо уруулар аралык ички жана тышкы саясий маселелер талкууланып, жыйынтыгы чыгарылган.

Бул топто кезектеги маселелер каралгандан кийин, Ормон кыргыз коомундагы жалпы абалды мүнөздөп келип, бир хандыкка биригүү пикирин ортого коёт. Элдик фольклордо бул тууралуу Ормон: — «кыргызда кызыл тебетей бироо эле болуш керек» — деп айтканы белгиленет.

Жантай Карабек уулу Ормонду хан көтөрүү сунушун киргизгенде баардыгы макул болушат. Байыртадан калган салт боюнча Ормонго кызыл бөрктүү тебетей кийгизишип (таажы ордуна), ак кийизге көтөрүп, хан деп жарыялашкан жана чырпык кыркып антташкан. Айрым даректер боюнча, топко түштүктөн айтылуу Алымбек датка да келип, бул жоролгону колдоорун билдирген экен.

Ормон хан тактыга олтургандан кийин топту жыйынтыктап, кочмон калктын традициялуу мыйзамы — зандын негизинде иштелген алгачкы жарлыгында уруулар аралык жанжалды токтотууну, биримдикте

болууну талап кылган. Ошону менен бирге ошол учурда мамлекеттерге таандык түзүлүштөрдү — сот, мыйзам иштеп чыгаруу, ички жана тышкы саясатты жүргүзүү жана аскер аппаратын түзүүгө, негизги атрибуттары — туу менен моорун киргизүүгө аракеттенген. Хандыктын атайын кеңешин түзүп, анын башына белгилүү даанышман Калыгул Бай уулу менен Карабек Жантай уулун дайындаган. Чоң кеңештин ишине зандын негизинде ички чыр-чатактарды чечүү тапшырылган Медербек менен Минназар, коңшу мамлекеттер жана элдер менен тышкы саясат боюнча кеңешчиси Байсерке, элчилик, чабармандык милдет жүктөлгөн Саза, айыл тынчтыгын сактоо тапшырылган Алыбек Кетирекей уулу, оз уулу Чаргын, жалпы аскер башчысы Төрөгелди баатырлар катышышкан.

Мамлекеттик аппаратты түзүүдө Ормон хан негизинен жакындарына таянышы кетирген чоң мүчүлүштүгү эле. Себеби, буга чейин бытырандылыкта, оз

урууларын жетектеп келген манаптардын бийликтен четте калышы нааразылыктын өсүшүнө түрткү болгон. Адамзаттын өнүгүү тарыхында борборлошкон мамлекетти түзүүгө феодалдар каршы чыккандай эле, кыргыз уруу жетекчилери да өз алдынчалыгын сактоо үчүн Ормон хандын кыргыз мамлекетин негиздөөгө жасаган аракеттерине тымызын каршы турушкан.

Ошентсе да Ормон хан бийлик жүргүзгөн учурда Кыргызстандын түндүгүндөгү ички абал кыйла стабилдешип, уруулар аралык чыр-чатактар дээрлик тыйылганын жана коңшулаш мамлекеттер менен байланыштар жолго коюла баштаганын алгачкы кыргыз тарыхчысы Б. Солтоноев белгилеген.

Ормон хандын ордосу ата-бабаларынын негизги конуштарынын бири — Ысык-Көл өрөөнүнүн түндүк тарабындагы Байсоорунда жайгашкан. Ал жердеги анын жүз баштуу ак өргөөсүндө туу-

су желбирей, окчунураакта кеңешчилеринин, дайыма күзөт жүргүзгөн 40 мергенинин, жакындарынын боз үйлөрү тигилип, андан ары устаканасы, атайын каздырган түрмө-зынданы, орнотулган даргасы болгон.

Ормон ханда ошол мезгил талап кылган баатырдык, сүрдүүлүк, каардуулук сыяктуу сапаттар бар эле. Ал дайыма таң эрте колдогу малын өзү карап, түшкө чейин эч кимди кабыл албастан, өзү же кеңешчилери менен ички жана сырткы саясий абалды талдоого алган. Иш менен келгендерди өзү тосуп, алардын айткандарын шашпай уга, жүйөөлүү жооп бергендигин, ачуусу келсе саның мыкчып алуу адаты бар экендигин замандаштары белгилешкен.

Коомдук-саясий ишмердүүлүгүнүн негизги багыты — уруулар арасындагы ынтымакты бекемдөө жана көз карандысыз күчтүү мамлекетти түзүүгө багытталган. Ал үчүн ар дайым Калыгул олуянын кеңе-

шин угуп, адилет болууга аракеттенген. Оозеки адабиятта кезиккен каардуулугу учурдагы тартипти чындоо шартына байланыштуу болсо керек. Уруулардын ичинде оз саясатын жүргүзүүдо белгилүү манаптарга, жек-жааттарына таянууга аракеттенип, уруу үстүнон бийлик жүргүзүүнү аларга ыйгарган. Ошентсе да копчүлүк манаптар Ормон хандын түпкү оюн, асыл максаттарын түшүнбостон, аны кеңири колдоого алышкан эмес. Тескерисинче, басып алууга умтулган мамлекеттердин куру убадаларына, азгырыктарына жетеленген учурлар арбын болгон. Мындай аракеттер жаш кыргыз мамлекетинин бутуна турушуна кедерги боло, кайрадан бытырандылыкка жол ачкан.

Ормон хан оз айланасына сабаттуу адамдарды топтой, кыргыздардын катсабатын ачууга аракеттенген. Ал Россия менен Кытай империяларынын, Орто Азия хандыктарынын билимин, онорун оздоштүрүү менен гана аларга

теңтайлашууга мүмкүн экендигин даана түшүнгөн. Бул жөнүндө маалыматтар улуу ойчул Калыгулдун кооноргүс мурастарында сакталып калган. Ормон хан кыргыздын бай тарыхын кагазга түшүрүү аракетин жасап, сабаттуу молдолорго санжырага негизделген «Жоопнаме» китебин жаздырган. Өзү да тарыхты терең билүүгө умтула, элдик нарктуу каада-салтты бекем туткан. Б. Солтоноевдин билдирүүсү боюнча «Жоопнамеде» ислам дини, уруулардын таралуу тарыхы ырааттуу баяндалган. Ал кол жазма XIX кылымдын аягында аталган автордун колуна тийип, белгилүү эмгегин даярдоодо пайдаланылган.

Кыргыз элинин алгачкы агартуучу тарыхчыларынын бири О. Сыдыковдун 1914-жылы Уфада жарык көргөн «Тарих кыргыз Шадмания» аттуу китебинде Ормон хан бийликти бир жерде отуруп жүргүзбөгөндүгү, бейпилдикти сактоого аракеттене эл аралаганы, акылды айтып

ичкиликти ичпоого чакырганы белгиленген. Көрөгөчтүк менен жүргүзүлгөн мындай иштери жана акылы бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпогондугу Ормон хандын чыныгы журт башы экендигинин айкын далили. Ал каардуу болгону менен патриархалдык көз караштын чегинен чыга аялзатын урматтай, аяр мамиле жасаган. Карапайым букаранын өтүнүчүнө да адилет мамиле жасап, көчмөн турмуштагы негизги чарбачылыкка — мал багууга да өзү аралашкан.

Ормон хан дооруна жараша тышкы саясатты да ырааттуу жүргүзө билгенин көптөгөн жазма булактар күбөлөп турат. Өзгөчө, Борбордук Азияны колонияга айландырууга умтулган орус падышачылыгынын өкүлдөрү менен жазышкан маалыматтар кыйла арбын. Алардан кубаттуу Россия империясы менен тең ата байланыштарды түзүү аракетин, Кокон хандыгы менен кытайлыктардын саясатына болгон мамилесин ачык көрүүгө

болот. Татаал кырдаалда алар менен тең салмактуулукту сактай, кыргыз хандыгын калыптандырууга аракеттенгени Ормон ханды тубаса дипломат деп баалоого мүмкүндүк берет.

Кыргызстандын түндүгүн дээрлик каратып, жер-жерлерге чептерин куруп, алар аркылуу кыргыздардан салык алып турган Кокон башкаруучулары кыргыз мамлекетинин калыптанышына каршы турса дагы Ормон хан менен эсептешүүгө аргасыз болушкан.

Ормон хандын алысты коро билген саясатчылыгы казак элинин улуттук баатыры, 10 жыл бою Россиялык колонизаторлорго каршы күрөшкөн Кенесары Касымов менен мамилелешкен учурда даана көрүнгөн. Алда канча кубаттуу падышачылык аскерлердин кысымы астында Жети-Суу, Сыр-Дарыя чөлкөмдөрүнө чегинүүгө аргасыз болгон Кенесары Касымов 1845-жылы кыргыздарга элчилик жөнөтүп, алардан өзүн хан деп таа-

нууну, биргелешип күрошүүнү жана салык төлоп турууну талап кылган. Ормон хан оз кеңеши, белгилүү уруу башчылары менен акылдашкандан кийин элчилерге: — «Кенен улуулугумду сыйлап хандыкты мага берсин да калганын озү билсин»,— деген жоопту айткан. Бул кыргыз мамлекетин чындоого жасалган аракет экендиги айдан ачык корүнүп турат. Мындай шартты Кененсары хан да кабыл албай, арада эки элге унутулгус бүлүк салган чабыштар башталат. 1846-жылы казактар кыргыз жергесине биринчи жортуул, 1847-жылы экинчи жортуул уюштурганы тарыхта кеңири маалым.

Боордош эки элдин ортосундагы жаңжалдын күч алышында «болүп-жарып, бийлей бер» саясатын жүргүзгон орус падышачылыгы менен Кокон тоболдору чоң роль ойногон. Аны коптогон жазма булактар, орус торолорүнүн бизге жеткен каттары айкын далилдеп турат. Анткени, падышачылык келишкис душман

Кененсары хандан кутулууну көздөсө, Кокон хандыгы ээлеген жерлеринен айрылып калуудан чочулашкан.

Кененсарынын Кыргызстанга жасаган жортуулу элдик оозеки адабиятта, советтик мезгилдеги тарыхчылардын эмгектеринде кеңири чагылдырылган. Андыктан, аны кеңири баяндоо зарылчылыгы жок. Тек гана Ормон хандын таланттуу аскер жетекчиси, стратег катары Кененсарынын аскерлерин талкалоодогу согуш ыкмалары менен чектелсек болот.

Ормон хан Кененсарынын колу экинчи кайрылып келээрине көзү жетип, аларды талкалоонун планын алдын ала даярдаган. Биринчиден, бардык уруу жетекчилерине даяр турууну жана жортуул башталганда Чүйдүн элин чыгышка көчүрүүнү тапшырган. Экинчиден, душманды талкалоого ылайыктуу деп Токмоктун үстүндөгү Кара-Коңузду аныктап, жоокерлердин жайгашуучу жерлерин белгилеген. Үчүнчүдөн, Пишпектеги Кокон беги ме-

нен жортуулчулар келе жатканда алоолонто от жагып белги берүүгө макулдашкан. Мындай учурда, көл менен Теңир-Тоодо даяр турган кыргыз жигиттери салгылашууга 3 —4 күндө жетип келишмек. Төртүнчүдөн, канатташ жашаган казак тоболдөрү менен салгылашуу талаасынан кетип калуу жагы сүйлөшүлгөн. Бешинчиден, душман камоого алынганда Чүй суусун буруп, суусуз калтыруу жагы каралган.

Жортуулчулар келип, 3 күн салгылашуулар жүргөндөн кийин кыргыз жигиттери бардык тараптан жардамга агылып келе башташкан. Алдын-ала сүйлөшүлгөн боюнча, ар бир жоокер чычырканак же караганды сүйрөп алып, кокту-жылгаларды уюлгута чаңдаткан жана түнкүсүн ар бири өзүнчө от жаккан. Бул жоого психологиялык жактан катуу таасир берип, аларды дүрбөлөңгө түшүрүү үчүн иштелген эле.

Ормон хан да жоокерлери менен Бай-

соорундан чыгып, Кеминдин Кашка-Жолунун белине чыккандан тарта жогорудагы тактиканы колдонгон. Ошону менен бирге Орозбак баш болгон кернейчилерге бапылдата сурнай тарттырган. Мерчемдүү жерге келгенде аскер, уруу жетекчилеринин кеңешин өткөрүп, чечүүчү чабуулга кечинде өтөөрүн жана бири-бирин таануу үчүн кийимдин сыртынан ак койнок кийүүнү тапшырган. Бул салгылашууда жортуулчулар биротоло жеңилип, Кенесары баш болгон кол башчылары туткундалып, тагдырлары трагедиялуу аяктаган. Жеңиште Ормон хандын саясий-коомдук ишмер гана эмес, ири аскер башчысы экендиги көрүнүп, анын кадыр-баркы өтө жогорулаган. Ошону менен бирге жеңиштин себеби эл өз эркиндигин коргогондугунда экендиги талашсыз.

Падыша өкмөтүнүн келишкис душманы Кенесарыны жок кылган кыргыз өкүлдөрүнө орус падышачылыгы ата-

йын сыйлыктарды беришкен. Ормон хандын уулу Үмөтаалы башында турган 12 кыргыз Омскиге барып, алтын медалдарды алышкан. Ормон ханга подполковник чинин ыйгарышып, уулунан ага алтын медаль, мактоо баракчасын жана алтын жиптери ийиндерине желбирете тигилген кооз чепкен берип жиберишкен. Мындай жол менен падышачылык кыргыз билермандарын оз боюна имерүүгө умтулган.

Ормон хандын тышкы саясатындагы корүнүктүү иштеринин бири — тарыхка «Иле жүрүш» деген ат менен кирген, озүнүн 600дой түтүн айылы менен 1852-жылы кышында колдон Иле дарыясынын сол жээгиндеги казак жергесине кочүп баруусу болуп эсептелет. Көчүүнүн негизги себептери Кокон хандыгы менен мамиленин кескин начарлашы, казак-кыргыздардын оз ара барымталарынын күч алышы жана орус падышачылыгы менен тыгыз байланыштарды калыптан-

дыруу эле. Бирок, падышачылыктын өкүлдөрү казактар менен мамилени бузбоо үчүн Ормон ханды колдоого алган эмес. Анын үстүнө бул мезгилде колонизаторлор эки жүздүү саясатын уланта, бугу уруусунун башчысы Боромбай Бекмуратов менен өзүнчө тыгыз мамилелерди түзө баштаган. Болжолу, бул кабар Ормон ханга да жетсе керек. Андыктан, 1853-жылы Илеге майор Перемышльский башында турган аскерлер Ормон ханды орус букаралыгына өткөрүүгө ант алууга келгенде, окумал молдонун жоктугун шылтоолой ант берүүнү кийинкиге калтырган дагы 1853-жылы күзүндө ата конушу Байсоорунга кайтып келген.

Падышачылыктын арамза саясатынын натыйжасында көлдогү эки бир тууган элдин ортосундагы ажырым күчөй берген. Ага Ормон хандын коктүгү, кудасы Боромбайдын орустарга таяна хандык бийликти тоготпой коюшу да себепкер

болгон. «Камыш коенду, соз эрди олтурот»,— деп соз наркын ото жогору баалаган эл ич ара кайым айтышуулардан аралары суук берген.

Мындай шартта Боромбай 1854-жылдын аягында өз элчилерин Омскиге жөнөтүп, алар 1855-жылы 17-январда 10 миң түтүн бугулардын атынан орус букаралыгын кабыл алгандыгы тууралуу ант беришет. Түзүлгөн тарыхый кырдаалда Ормон хан бугулардын үшүн алып коюуну чечип, 1855-жылы март-апрель айларында чакан топ жигиттери менен Кутургуга келет. Мындай жүрүштү алдын ала боолголой камдуу турган бугу уруусунун жигиттери чабуулга өткөндо, Ормон хан кан төгүлбосүн деген максатта жигиттерин артка жөнөтүп, өзү бирин-экин адамы менен жөө-жалаң калып калат. Бул, бир жагынан, көк жал таймандыгы, экинчи жагынан, хандыгымды сыйлашаар деген ички ишеними эле. Бирок, тилекке каршы бузукулукка ал-

дырган Балбай баатыр Ормон ханды аткарып жатып, жецине ката келген найзанын учу менен катуу жарадар кылат. Ормонду Боромбайдын келини, өз кызы Кулундын үйүнө түшүрүшөт. Көп узабай Ормон хан көз жумат. Бугу эли кеңешип туруп, хан сөөгүн атан төөгө жүктөшөт дагы кызы Кулундын коштоосунда конушуна жөнөтүшөт. Ошентип, Ормондун сөөгү Байсоорунга жеткирилип, эки Ак-Суунун ортосундагы көрүстөнгө коюлат.

Кыргызстандын тарыхындагы жаркын инсандын кейиштүү өлүмүн кыргыз элинин трагедиясы катары баалоого болот. Бүт өмүрүн эл-журтунун биримдиги, көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн жумшаган, кыргыз мамлекетин түзүүгө далалаттанган инсанын кыргыз эли унуткан жок. Ал жөнүндө аңыз кептер муундан-муунга өтүп, ак-карасы иргелген сайын Ормон хандын дидары таңкы чолпон жылдызындай жаркырап келе жатат.

АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВ
НУРЖАН ЖАНГАЗИЕВА

**Ормон хандын трагедиясы**

Бүгүнкү күндө тарыхый инсан Ормон хандын образы дал ушундай татаал образ, аны советтик идеология мезгилиндегидей бир жактуу, жалаң гана терс мааниде кароо объективдүүлүккө жатпас, ошону менен бирге асман-жерге тийгизбей көкөлөтүү да туура болбос. Ормон хандын образы гана эмес, аны менен кошо бир доордо жашаган замандаштары — Боромбай, Сарт-аке, Тилекмат, Торокелди, Балбай ж. б. образдары да калемгерлер тарабынан бирде ак боёк, бирде кара боек менен сүрткүлүп келгенин көрүүгө болот. Ошондуктан, Алдаш Молдонун «Бугу-сарбагыш урушун», Ы. Абдырахмановдун, «Казак-кыргыз окуясын», К. Маликовдун «Балбайын», К. Осмоналиев-

дин «Кочмөндор кагылышын», Э. Медербековдун «Кызыл жалынын», Ж. Токтоналиевдин «Ормон ханын», Э. Турсуновдун «Балбайын», К. Мифтаковдун «Балбайды» жазып алган кол жазмасын ж. б. чыгармаларды салыштырып отуруп акын-жазуучулардын биринен бири өткөн портреттерди түзүүдөгү чеберчилигине, каармандардын жан дүйнөсүн чагылдыруудагы ыкмаларына, образдарды элестүү, жандуу көрсөтүүгө көркөм сөз каражаттарды мол колдонушуна, фантазиялык кыял чабытынын кенендигине, калк турмушун көркөм сүрөттөөсүнүн масштабдуулугуна, архаикалык, историзм лексиканын кеңири пайдаланышына таң бербей койбойсуң. Көркөм чыгарма болгондуктан, албетте, көркөмдөлөт. Бирок... бирок биз санаган чыгармалар канчалык деңгээлде тарыхый фактыларга негизделген? — деген суроо койсок эле алардын ажырымы келип чыгат. Анын үстүнө калемгерлер неги-

зинен бир мезгилдеги окуяны б. а. Түндүк кыргыз элинин хан которуп, баскынчыларга каршы күрошүүсүн, Орусияга кошулушун, уруулар ортосундагы карама-каршылыкты чагылдырышат, ошондуктан алар түйүндүү маселелерди аттап кете алышпайт, бирок ошол түйүндүү маселени чечмелөөдө ар ким өз көз карашы, позициясы менен кайрылышып, айырмачылыкты, керек болсо бири-бирине таптакыр карама-каршылыктуу жыйынтыктарды окурмандарга сунуш кылышат. Кептин баары мына ушунда болуп жатпайбы?!

Башкалар сыяктуу эле Ж. Токтоналиев да «Ормон хан» аттуу эки китептен турган романын жазганда башкы каарманына симпатиясы зор болгону корүнүп турат. Бул закончененмдүү көрүнүш, анткени, теманы ачып берүү үчүн жазуучулук эргүү, толкундоо керек, антпесе жазуунун кажети канча. Автор башка калемгерлерден айырмаланып, тарыхый

материалдарды жыйноодо окумуштуулук изилдөө «запкысын» көрүп, ар бир эпизодду сүрөттөодө фактыларды «ийне-жибине» чейин аңтарышын толук кубаттоого болот. Тарыхты жазган жазуучу эң алды документ-архивдерге таянуусу керек. Ж. Токтоналиевдин ар кайсы жерлерден тарыхый тастыктоолорунан жыйналган материалдар тарых илими үчүн да эң көрүнүктүү жана зарыл. Ошентип, Ж. Токтоналиев тарыхый роман жазды, ал көрком максатына жеттиби, жокпу — бул адабияттын эң башкы суроосу.

Дароо айтып коюшубуз керек, автор негизинен Ормон ханды күндөлүк турмуш-тиричиликтеги окуялардан, уруучулук көз караштардан жогору коюп, анын кыргыз элинин биримдигин, ынтымактыгын, эркиндигин каалаган, сактаган улуу инсан катары эл аралык маанисин жана ролун корсотүүнү максат кылган. Романдын эки китебинде тең

ушул ой уялап, чыгарманы салмактантып, жогорку пафос жаңырып турат.

Автордун Ормон хандын оз мезгилинин эң бир трагедиялуу инсаны экендигин тарыхый окуялар менен каармандын жан дүйносүн жуурулуштуруп берүү максаты жүзоого ашкан. Чыгарманы роман-трагедия деп атасак болот. Ал жашаган катаал заман трагедиянын чордонун түзүп турат, мына ошол карама-каршылыктуу, татаал мезгилде Ормон хандын жан дүйносү түйшолүп, санаа тартып, кайгыга батып, коңүлү чогүп, боксорүп, оз омүрүнүн жарык жагы карангылап, жашоонун кызыгы тарап, аны түшүнбоо, кабыл албоо, чыккынчылык кылуу окүм сүрүп, жооп табалбай, пессимизмге моралдык жактан тебеленип, каңырыгы түтоо — трагедиянын жеткен чеги. Ошондуктан, биз Ормон хандын олүмү менен чыгарма жыйынтыкталганына эмес, каармандын алакандай кыргызды баш коштурууга далалаттанып, чет

душмандарга каршы күрөштү баштагандан бери ой-санаасынын түпкүрүндө трагедия жаткандыгын, кийин ал калкып чыгып калгандыгы законченемдүү көрүнүш экендигинен баа берип отурабыз. Канчалык салтанат, жарык маанай, кубаныч-сүйүнүч Ормон хандын жеке турмушунда болсо да, ал элдик киши катары оор жоопкерчиликти, милдеттүүлүктү көтөрүүнү ар дайым жадымынан чыгарбай келгендиги романдагы окуяларда таасын берилген. Демек, элдин трагедиясы менен жеке инсан трагедиясын ширелиштирип, кечээки, доордун саясий-экономикалык абалын, келечекке умтулууну, өз алдынча эркин мамлекет болууну көксөгөндүктү, ага жетишүү үчүн Ормон сыяктуу лидерлердин кескин, өзгөрбөс позициясынын ролу тууралуу тарыхый рамкадан тышкары чыгарбай автордун көркөм баяндоосу башка калемгерлерден бөлүп турат.

Калемгердин ийгилиги романдагы ар бир

каармандын портреттерин өз боектору менен окурмандын көз алдына жандуу тарта билиши. Ормон узун бойлуу, кең далылуу, москоол, маңдайы жазы, бүркүт кабак, кырдуу коңкогой мурун, сургулт көздүү болуп сүрөттөлөт. Ушундай боектордон улам каармандарды так элестете алса болот.

Романда Ормондун хан болушу эволюциялык планда, б. а. автор бул идеянын жөн эле чыга калбагандыгын, каармандын ой-санаасында, жүрөк түпкүрүндө ар-намыстуулук ойноп, элди баш коштуруу зарылдыгы Кокон бийлигинин зордук-зомбулугунан, Оруссиянын казак жерин басып келатышынан, Кытайдын кылыктарынан законченемдүү күн тартибине коюлуп, чет баскынчыларга жем болбой, дипломатиялык саясат менен өз алдынча эркин эл, мамлекет болуп туруунун демилгечиси, уюштуруучусу катары көрсөтүлөт. Мындай идеяны туу кылып көтөрүүнүн өзү өмүрүн баталгага сунуу

менен барабар эле. Эр жүроктүк, жалтанбастык, катаалдык, кайраттуулук, акылдуулук, айколдук ж. б. сапаттар менен чыгармада шөкөттөлгөн Ормон маселени кабыргасынан коюп мындай деп жатпайбы: «...Карыяларга ыгы келсе, мен дагы оз баамымдагыны айтып коройүн. Тээ... байыртадан эле элибиз эл болуп, ордо күтүп келген экен. Бабалардын отконунө сереп салсак, очөордө тамызып, оксүүрдө толтуруп, элдин сактап келаткан биримдик, ынтымак экен. Мына бүгүн да элди ынтымак, биримдик сактайт дейм. «Сактайм, жалкалайм» деп жүргон Кокон ханы аскерлерин өзү баштап барып, чиндерден ойрону чыгып, Коконго жанын ала качып келиптир. Чынында Кокон да, Орус да кыргызды жыргатайын деп жуткунуп турбаса керек. Кайтарыксыз үйүрдү бору болот, ууру алат. Акыры түбү Арка, Анжиян, Алай биригип, бир жакадан баш, бир женден кол чыгарып, бир амирде болсок дейм — деп бир аз об-

дула төргө көз жиберди». Бул жалындуу сөздөрдү ошондо жыйында отурган Сарт аке баштап кетет эмеспи!

Автор каарманды акырындап алдыңкы планга алып чыга баштайт. «Айбат» деген бөлүмдө кокондуктардын сыпайларына алгачкы каршылык көрсөтүп, эл ичине кадыр-баркы өсө түшөт. Чыгармада Ормон үчүн үлгү болчу Тайлак баатырдын эрдиги бар. Тайлакты кокондуктарга каршы тайманбас улуттук-боштондук кыймылдын баштоочусу катары Ормон жогору баалайт, керек болсо ал жасаган эрдиктерди кайталагысы келет.

Коконго сыр көрсөткөн Ормондун айласын таппай, же кармап келип зынданга салалбай, же көрмоксонго салып, унчукпай кое албай айлалары кетет. Аргалары түгөнгөндө ордонун жогорку «Парванчы» деген наамын беришет. Бул сыйлык Түндүк Кыргыздардын манап-бийлердин арасынан Ормондун тобосу көрүнүп калгандыгынан кабар берген, ич

арада бир топ жыйын откоруп, түйүндүү маселелерди адилеттүү чечип, эл көзүнө даана кадыры артып калган. Анын айланасына Боромбай, Ажыбек, Муратаалы, Калыгул, Сарт аке, Төрөкелди, Адыл, Балбай, Өмүр ж. б. топтолушуп, саясий маселенин тегерегинде ой жүгүртүп, кыргыздын келечеги тууралуу акыл калчап, тунгуюктан жол издешкен. Ошондо деле Ормон оз айтканынан кайтпай, өжөрлүк, катаал позициясынан чегинбей, жалпы калайык-калкты «Кокон да, Орус да оз көмөчторүнө күл тартышат. Кыргыз оз камын өзү корбосо, Кудайдан башка эч кимден жардам жок» — деп ынандырат.

1842-жыл кыргыздардын тарыхында бурулуш жылдардын бири болгон десек болот. Ормонду хан которүшүп, уруу-уруу болуп жүргон кыргыз «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу» үчүн ант беришет, майда кызыкчылыктан жалпы кызыкчылыкты жогору коюшат.

Романда бир атым насвай үчүн куда болушкан Ормон менен Боромбай жылуу-жумшак мамиледе курултайды өткөрүүнүн камылгасында болушканын автор чебер сүрөттөйт. Кудалардын кийин араздашып, таарынышып, ич күптү болуп кеткени да ошол хан көтөрүү курултайына байланыштуу, ал гана эмес Ормондун өлүмүнүн эң башкы учугу да хандык жарыктан Боромбай да, Балбай да мансапка илинбей куру жалак калгандыкта жаткандыгы подтекст аркылуу берилип, чыгарманын аягында гана айкындыкка чыгат эмеспи!

Ошентип, Ормон хандыкка шайланды. Бирок ар бир калемгер К. Осмоналиев, Э. Медербеков, Э. Турсунов бул маанилүү окуяны өз алдынча берүүгө аракеттеништи. Балким, советтик идеологиядан болсо керек К. Осмоналиев менен Э. Медербеков бул салтанатты кайпып сүрөттөштү. Ж. Токтоналиевде Ормонду хан көтөрүү негизги өзүй-

пасын Анжиян, Алайдан ат арытып келген Алымбек датка аткарат: «Миназар бий таамай айтты хан ордосу жонүндо. Иншалла, Кыргыз ордосу болсун. Арабыз алыс болсо да, тилегибиз бир. Эми акыркы соз, масилетте бийлер хан ордосу котөрүлсө, хандын бийик вазийпасын аткарар акылман, кайраттуу косөм киши арабызда бар дешти, бүтүм болсо ысымын айтабыз дешти. Мени кечиргейсиздер, алыстан арзып келген укугумду колко этип, оюмду айтайын, андай эрди мен да көрүп турамын. Балким, ойлорубуз, Иншалла, бир чыгып калар. Ормон баатыр Ниязбек уулу кыргызга хан болуучу эр». Бул маселени ким көтөргөнү, албетте, маанилүү. Башка калемгерлерде Жаңгарач, Жантай идеяны алып чыгышса жана алар Ормондун санаалаштары, туугандары катары көрсөтүлүп берилсе, Ж. Токтоналиев атайы калыс, адилет катары Алымбек датканын сөзүнө салмак артып турат.

Анын маанилүү пикирине Ажыбек, Калыгул, Жантай, Жаңгарач, Медербек бир добуштан кошулушат, акыл калчап дагы бир күн ойлоп, Ормондун оң сапаттары тизмектелип, Сарт аке бата берүү жана чыбык кыркуу менен, антташуу менен курултайдагы маселе оңунан чечилет. Ормондон хандыкты талашкан да, ага ичи күйүп туз жалаган адам да болбойт. Бардыгы бийлер жана жалпы калайык журттун алдында ачык-айкын өтөт. Ж. Токтоналиев маселени сүрөттөөнү өтө узартып, чоюп жибергени даана байкалат, ошону менен бирге бүгүнкү күндөгү чогулуштун жүрүшү эске түшпөй койбойт. Биз жашап, аралашып жүргөн демократиялык коом анча-мынча болсо да автордун көз карашына, позициясына билинбеген таасир тийгизгендей. Ормон хандын жалындуу сөзү да эч кимди кайдыгер калтырбайт: «Оо, элим, чоң ыракмат, чексиз ыраазымын. Кудай таала алдында менин башыма сыймык конду-

руп, эбегейсиз зор жүк жүктодүңор. Хан болоюн деген оюм жок эле десем, Кудай алдында жалганчы болормун. Мартаба, мансапты ким энсебесин. Көңүлдө жүргөн иш эле... Ооба, хан болгон кишинин жашоосунда жеке жыргал болбой турганын билемин. Өмүрү жооптуу экенин да билемин. Ушул кыйын кезең учурда өмүрүмдү кара кыргыз элинин бүтүндүгү үчүн арнадык. Калыс, адилет болсок алкабагыла,— ал менин хандык вазыйпам, катаал, ырайымсыз болсом каргабагыла,— ал да менин хандык вазыйпам. Бул үчүн Кудай алдында, ата-бабанын туусу алдында, курултай эл сенин алдыңда ант берем». Башка чыгармаларда минтип жарылып сүйлөбостон, унчукпай отурууну Ормон эп көрөт. Чымын учса угулчудай тымтырстык окүм сүрүп, бардыгы үн-сөзсүз отурушат. Ж. Токтоналиев ошондуктан каарманынын салтанатын жеке пендечиликтин майрамы эмес, жалпы журт-

тун мааракеси катары сыймыктануу менен жар салат.

Бирок мансап бөлүштүрүүнүн адилетсиздигинен Боромбай, Балбай сыяктууларга эч нерсе тийбей калат эмеспи! Ички таарынычтын кесепети көбүрүп-жабырып Ормон хандын трагедиясына туш келтирет. Муну хан да туюп, сезип, билип жүргөн жана ал мезгилдеги абалды кийинчерээк ондоп койбогон экен.

Романдагы эң башкы тема — сырткы баскынчылар менен күрөшүү, Ата-Журтту коргоо. Ж. Токтоналиев гана башка калемгерлерден айырмаланып Кенесарынын кыргызга салган кыргынын, Ормон хан, Жантай, Жаңгарач, Калпак, Ормонбек, Субанбек ж. б. жекече эркиндиктерин масштабдуу баяндайт. Дегеле чыгарманын негизги окуясынын чордону да, уюткусу да ушул сүрөттөөлөрдө десек жаңылышпайбыз. Себеп дегенде, биринчиден, автор май-

да темасын панорамалуу чагылдырууну, экинчиден, Ормон хандын улуу полководецтик тактикаларын, стратегиялык багыттарын ийне-жибине чейин элестүү тартууну максат кылып койгон. Согушта бекем тартип, буйрукту кыйшаюусуз аткаруу керек, ансыз жоону жеңүүгө такыр болбойт. Ошондуктан, Кененсарыны жеңүүдө анын уюштуруучулук, демилгечүүлүк, жетекчилик сапаттары томонкүлөрдө ачык көрүнөт.

1. Душмандын ал-абалын, жайгашканын билмейинче чабуул коюуну токтотот.

2. Буйрукту бузгандарга катаал чара көрүлөт.

3. Жоонун жүрөгүнүн үшүн алуу үчүн психологиялык кысым жасоону көздөп, тоолорго эр отун жактырат.

4. Супатай, Үрүстөм сыяктуу казак элинин баатырлары менен дипломатиялык сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт, алардын

жоокерлерин майдан талаасынан алып кетүүгө жетишет.

5. Кененсарынын колу ичүүчү суунун нугун буруп, суусуз калтырат.

6. Чабуул башталарда мергендерди машаа коюп мылтык аттырып, сурнай-керней тарттырып, душманды башаламан кылат.

7. Ар бир кыргыз жоокерлеринин рухун, демин көтөрүп, жалындуу, ар-намысты козгогон сөздөрдү сүйлөп, баскынчылардан Мекенди коргоого шыктандырат.

8. Чабуулдун жана коргонуунун жагдайын, шарттарын, географиялык ыңгайын туура баамдай алат.

9. Аз сандагы кыргыз жигиттерин 20.000 кол жыйнап келген Кененсарыга амалкөйлүк, акылдуулук, көрөгөчтүк менен пайдаланат.

10. Коркуп, Кененсарынын алдында чоголоп калбайт, элчилерине сыр көрсөтүп узатат.

11. Казак элинде эч күнөө жок экендигин белгилейт ж. б.

Окурмандын коз алдында согуш талаасынын жандуу картинасы жаралат, андагы баатырдык, эрдик, тайманбастык, биримдик, ынтымак, достук касиет, мамилелердин жыйынтыгы Улуу Жеңиш менен аяктайт. Автордун эң бир коздогону да ушундай, кайгы-трагедияны жеңип, элжерине ээ болгон кыргыздардын салтанат аккорду менен бүтүү эле. Романда жалпы хордон болүнүп Ормон хандын үнү Ала-Тоого жаңырат. Чындыгында хандык бийликтин гана символу эмес, «ырыс алды ынтымактын», азаттыктын, эркиндиктин, көз карааанды эместиктин символу болуп калды. Ал Ормондун образы аркылуу конкреттүүлүкко жетишилди, анын аброю, кадыр-баркы эбегейсиз остү.

Мына ушул жерден Ж. Токтоналиев бугу уруусунун жалпы калайык-калк катышкан майдандан четтеп турганынын, акыры ал Ормон хан менен Боромбайдын ортосуна

элдешкис жик кетиргенин көркөм баяндайт. Сарт акенин «Күн сайын күнөөсүз элдин каны төгүлүп турганда ыкчам аракеттенгиле. Болгон мүмкүнчүлүктөр менен кол курап, Көтмалдыда Ормон ханга кошулгула, бүрсүгүндү болжогон тура, кечикпегендей болгула» деген сөзү кулактан сырткары кетип, орустардан бугу эли жардам күтөт. Ушул жерде калемгерлердин ортосунда ачакей пикир бар. Э. Турсунов романында Балбайдын кыргыз-казак окуясында баатырдык көрсөткөнүн жазат, ал эми «Эл адабиятынын» 15-томуна чыккан Ы. Абдырахмановдун кол жазмасында Балбайдын Ормондун кабарына биринчи келгендигин күбөлөгөн фактылар бар.

Өзгөчө Ормон хандын күйүп-бышышы да бекеринен эмес болчу. Боромбай кудасынын жалпы күрөштөн шылтоолоп четте калышы — анын жакын кишиси катары көп нерсени туюндуруп турган. Ишенген Боромбай ушинтсе, калганы эмне дейт? Ал кудасын каарып отурат:

«Кечирим сураса эле кечип ийгендей бул иш Боромбай менен Ормондун куда-сооктук мамилесине жатпайт. Чыбык кыркылып, ант берилген. Элдин алдында жооп берчү күнөө. Казак-кыргыз жоо болсо мейли, Боромбайдын кара башы соо болот экен да. Ымандай сырынды айтып, бузулган ишти түзөгүн. Кечире турган мен эмес. Кененсары канын төгүп, кайгы салган кара кыргыз журту, багар-көрөрүнөн ажырап калган жетим-жесир бүлөлөр карап турат». Анын туталанышынын экинчи жагдайы да бар болчу. Кокон сайпаларына кол башчылык кылган Мусулманкул аталыкты Ашмаранын жээгинде «кыргыз жерине бир кадам да аттатпайм» — деп чек арадан тосуп, алардын шаштысын кетирип, артка чегиндирип, жеңишке жетишкенде да Ормон ханга кудасы Боромбай жолок-таяк болуп бере албады. Ошондуктан, каарман ачуу чындыкты экинчи жолу бетине айтып отурат: «Сабак боба-

лор, кечиктим» — деп мүлтүлдөйсүң. Кана сабак болгону? Кокон басып кирген кечээки Ашмара кармашында элдин биримдиги үчүн, эл-журттун амандыгы үчүн деп ичи ооруйт экен — алыскы Ат-Башыдан Ажыбек жасоо кайрып келди. Мүлтүлдөп, «чакырык кечикти» деп, жок шылтоо таап келбедиң. Түзөлгүн. Агындан жарыл, ийринди түзө, калайык-калк алдында жооп бер».

Чындыгында эки майдан аркылуу калемгер колдон келишинче башкы каармандын оң жактарын баса көрсөтөт. Ошону менен бирге казак элинин өкүлдөрү менен жарашуу, орустар менен келишим түзүү, өз алдынчалыкты сактап калуу идеялары менен жашаган Ормон хан майда турмуш-тиричиликтен жогору турат. Ал жонокойлуктүн үлгүсүн кедей-кембагалдарга жардам берүүдөн, курман болгон жоокерлердин үй-бүлөсүнө жылуу мамиле кылуудан, дегеле коомдун саясий, экономикалык чар-

ларына чейин ырааттуу осүшүно коңул буруудан корсотот.

Автордун бир да сүроттоо эпизод-окуясында, же каармандын бир да сүйлоо кебинде Ормондун эл ичинде айтылып жүргон, материалдарда кездешип жүргон оройлугу, опузасы берилбейт. Ошондуктан, ал айрым учурларда жасалма болуп, тарыхый образдан ажырап калган.

Ордо оюнунун чырына, Балбайдын кулагынын кесилишине, Ормон хандын олүмүно калемгер да оз алдынча кайрылат. Ордо оюнунда бул саам чырды Боромбай чыгарып, коз ымдоо менен Алыбекти «жыдытат». Тогуз туу байтал моорийдү ханга моосүл калтырбай, Боромбайдын айдап кетишинде «бизге бийлигиң отпой калды» деген подтекст менен берет.

Балбайдын кулагынын кесилишинин себеби — К. Осмоналиев сыяктуу Аксыйнатка ашык болуу корүнүшү: «Эми бейтааныш сулуу датканын кичүү кызы Сыйнат оюн арбап алды».

Эки жазуучунун айырмасы бироондо Медет датканын, экинчисинде Качыке бийдин кызы болуп берилет. Бирок алардагы дагы бир жалпылык «Кочмондор кагылышында» да, «Ормон ханда» да Балбайдын ант-шерти бирдей жаңырат: «Баш байге алган кер атты, кошокчу Сыйнатты тартып албасам Балбай атым очсүн!» Коз алдынан ай чырайлуу, асылзаада Аксыйнат кетпейт, аны ала качып келүү үчүн жортуулга аттанат, калп айтып кулагы кесилет, Ормон ханга жеткирилет, Сарт акенин, Калыгулдун кийлигишүүсү менен бошотулат. Чыгармада Ормон хандын Балбайга насааты да боорукерлик, айколдүк ирээтинде жымсалданып берилген. Балбайдын артына кылчайбай кетишин К. Осмоналиев да, Э. Турсунов да, Б. Солтоноев да, Ж. Токтоналиев да бир оздон баса сүроттошот. Анткени — ал жүрокто кетпес кек, очтүн белгиси эле.

Ормон хандын олүмүн жазууда автор

Б. Солтоноевдин эмгегине толук кайрылат. Башка калемгерлердей апыртыпкобүртүп жибербейт. Ормон хан — Боромбай менен жай сүйлөшүп, кыргыздын келечеги жөнүндө ой жүгүртмөк. Бирок анын талабы өтө катаал эле: «Орус букарасынан баш тартсын, болбосо орус жерине көчүп кетсин». Бул талапты орундатуу бугулар үчүн да кыйын болчу. Ормон хан Ысык-Көлдү коолдугуна кызыгып тартып алайын деп келбейт, колу жок эле Күтүргүдагы дөңсөөгө кездешүүгө келет.

«Атчандар удургуп каптап келатат. Ормон хан кебелбеди. «Кантсе да хан атым бар, Боромбай кыяматтык куда эле, ээн баштарды токтотоор. Токтотпосо, жумуру башка бир өлүм, кара кыргызга хан көтөрүлдүм эле. Антымды жадымда тутуп, жан берермин» деп отурду». Автор менен К. Осмоналиев окуяны негизинен бирдей линияда баяндашат жана акыры Мырзанын, Балбайдын сайышы-

нан каза табат. Трагедия — адам өмүрүнүн окүмү менен бүтпойт, уруулар арасында карама-каршылык жаратып, күнөөсүз эл кырылып, муундар арасында жууса кеткис так, кара пайда болот. Төрөкелди, Балбай, Адыл, Мырза ж. б. өмүрлөрү да трагедияга кирип тер болушат. Ж. Токтоналиевдин негизги оюда — трагедияга тутушкан калктын алабалын, элдин улуу инсандарынын жан дүйнөсүнүн кайгы-капасын, акыры бардыгы өлүм алдындагы теңдигин, алсыздыгын чагылдыруу. Трагедиянын чордонунда кыргыз элинин жаркын келечеги «жалп» этип өчөт, аны кайра тутандыруу үчүн замандын жаңы агымы керек эле...

# МАЗМУНУ

*Аскар Акаев.* Тайлак Батыр . . . . . . . . . . . . 7
*Аскар Акаев.* «Улут катары жууурттай уюп, ынтымакта бололу!» . . . . . . . . . . . . . . . 20
*А. Чоробаев.* Араптын колу келе жатат деп угуп Тайлактын жол тосьону. (*Дастандан*) . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
*Ш. Бейшеналиев.* Тайлак баатыр. (*Романдан*) . . . 45
*Г. Орозова.* Тарыхый инсандын эпикалык образы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 61
*А. Акматалиев.* Тайлак — улуттук-боштондук кыймылдын башточусу . . . . . . . . 65
*Аскар Акаев.* Ормон-хан . . . . . . . . . . . . . . . 113
*Аскар Акаев.* «Ормон хандын асыл ой-тилектери — Ата-Мекенди сүйүүнүн орногу» . 123
*Калыгул.* Ормон ханга айтканы . . . . . . . . . . . . 132
*К. Осмоналиев.* Кочмондор кагылышы. (*Романдан үзүндү*) . . . . . . . . . . . . . . . 135
*Э. Турсунов.* Балбай. (*Романдан үзүндү*) . . . . . . . 145
*Ы. Абдырахманов.* Ормон кан Ысык-Колдүн күнгойүнон кол менен аттанып чыгышы . . . . . . . . . . . . . . . 158
*С. М. Абрамзон.* «Манапчылык» . . . . . . . . . . . 167
*А. Беделбаев.* Ормон хан — оз доорунун чыгаан инсаны . . . . . . . . . . . . . . . . . 175
*А. Акматалиев,*
*Н. Жангазиева.*
Ормон хандын трагедиясы . . . . . . . . . . . 198

*Адабий-көркөм чыгармалар жана изилдөөлөр*

**«Улуу инсандар» сериясы**

**ТАЙЛАК БААТЫР**
**ОРМОН ХАН**

Түзгөндөр: *А. Акматалиев*
*Г. Орозова*
*Н. Жангазиева*

Башкы редактор *К. Ишимканов*
Редактору *Р. Сакелова*
Сүротчүсү *Р. Исаков*
Тех. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *З. В. Дуплик*

Терүүгө 08.04.2003. берилди. Басууга 02.05.2003.
кол коюлду. Формат 60x90[1]/[16]. Офсет кагазы.
14,0 басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 2063.
Келишим баала.

Т. Суванбердиев атындагы
«Кыргызполиграфкомбинат» акционердик коому

Кыргызполиграфкомбинаттын «Шам» басмасы

720005, Бишкек, Т. Суванбердиев атындагы көчө, 102